скырг
№ 81

НУРМАМАТ ЖОРОБАЕВ



# ЫР - МӨМӨЛҮҮ БЕЙИШ БАК

С кырг
Ж 81

Нурмамат Жоробаев

# ЫР - МӨМӨЛҮҮ БЕЙИШ БАК

Токтогул Сатылганов
атындагы
Ош облустук китепкана
ИНВ № 487173

Ош, 2023-жыл

Токтогул Сатылганов атындагы
Ош облустук китепкана
МЕКЕН ТААНУУ
БОРБОРУ

УДК 84-51-1
ББК 5(Кир)-5
Ж-81

Ж-81 Жоробаев Н.
“Ыр-мөмөлүү бейиш бак”. Ош; 2023, 164 б.

ISBN 978-9967-9967-9477-2-6

*«Ыр-мөмөлүү бейиш бак» аттуу жыйнагында автордун турмуштан алынган түрдүү тагдырларды чагылдырган поэмалары жана жашоонун бардык багытындагы тематиканы камтыган ырлары кирди.*

УДК 84-51-1
ББК 5(Кир)-5

ISBN 978-9967-9967-9477-2-6

© Жоробаев Н., 2023





## СЫРЛАРЫ ЫРЛАРЫНА СИҢГЕН АКЫН

Таланттуу инсан, акыйкатты жар салган акын Нурмамат Жоробаевдин чыгармачылыгы жөнүндө алгы кеп козгоо канчалык сыймыктануу сезимимди жаратса, ошончолук жоопкерчиликти да арттырып отурганын ачык айтуум абзел. Анткени, ал бүгүн эле адабият майданына ат салып, кош тизгинди коё берип, капыстан бастыра кирип келген инсан эмес. Кандайдыр бир деңгээлде канаттуу ыр саптары, ага канат бүтүргөн обондор аркылуу окурман- угармандарынын жүрөгүнөн түнөк таап, атына заты төп келген НУР чачкан өзгөчөлүгү менен таанылган акын. Ошондон улам, адабият чөйрөсүндө азуу тиши чыгып, жоокердей баскан талант ээсинин ыр саптарын барактап отуруп, эргүү алсам, бир чети Өзгөн жергесиндеги жайылып аккан Жазы дарыясынын шоокумун уккандай, кичи Мекенимде жүргөндөй тариздe ой көлүндө чөмүлдүм. Ооба, чын дилден ошенттим. Өткөн 2022- жылда Бишкек шаарында өтүлгөн " Аруу дүйнө" адабий клубунун иш чарасында анын алгачкы " Сезим ширеси" аттуу ыр топтомун колума кармап барактап, кут чачкан айрым саптарына сүңгүп, каалоо-тилек айткан күн бүгүнкүдөй эсимде. Арадан жыл өтпөй кайрадан поэзия дүйнөсүндө жолугуп, 2-китебине аруу сезимимди, каалоо, тилегимди билдирип отуруу, адабияттагы айылдаш болуу, анда түшүмө да кирбептир. Мүмкүн, жашоонун философиясы, акыл - эстин пансофиясы дал ушундадыр.

Бул китепке кирген ар түрдүү тематикада жазылган ырларын бир дем менен окуп чыктым. Өзөктүү ой туюмунда кызыл сызыктай бир бүтүмгө бириктирип, айта турган сезим толгоосун жөнөкөй тил менен жеткире берип, жөнөкөйдөн - татаалга кадам таштап, ар бир сөз айкашын анализдеп, синтезделген ыр түрмөктөрү аркылуу окурманды капилеттен "капканга" түшүрөт. Албетте, акындын жаңы чыккан ыр топтом китебинин күнгөй- тескейине сын берүү, анын ар бир ырларын "жиликтөө" эмес, тек гана сапар алган багытына ак жол каалоо менен ой максаттарыбызды билдирүү. Айрым саптарын жүрөккө түнөтүп, ыр кемесине байлоо, аны калак тутуп, улам алдыга айдоо. Ал өзү жазгандай:

" ... Жолдо жүрөм, дагы деле жолдо жүрөм,

Жараткандын жазганын угам, көрөм" - деп, адабият талаасын аралап жүргөнүн да айтат. Ошондой эле жагы бир ыр сабында:

" ...Кыргызга кыйынчылык күндөр келсе,
Биригип бир муштумдай болгон экен.
Жараткан элибизге оомат берсе,

Меймандос пейлин кенен койгон экен" - деп, эзелтен биримдикти туу тутуп, улуу каада- салтка ширелген кыргыз коомунун улуттук өзгөчөлүгүн жар салат. Акын өмүр жолунда аскер кызматын көп жылдар бою аркалагандanбы, же жигиттик ар- намысты бийик туткан атуулдук сапатынанбы, айтор ырларында эрдикке, патриоттук сезимге чакырган, улар үнүндөй too жаңырткан кайталангыс жагдайлары да арбын. Кээде поэтикалык артка чегинүү да жасап:

"... Замандын жакшы жагы бар экен го ,

Сезе албай жүрдүм экен неге- неге"- десе, дагы бир ыр түрмөгүндө :

"... Өзүмдү- өзүм кээде жемеледим,

Өзгөрбөс кыялың бар неге дедим" - деп, жан- дүйнөсүнө сиңген тайманбас мүнөзүнө таң да калат. Дегеним, мындай саптардан анын өзүн- өзү таануу, баа берүү ички аруу дүйнөсүн аңдай билүү өзгөчөлүгүн баса белгилөө зарыл.

Дагы бир саамалыгы балдар адабиятына баш багып, "Бөбөк унаа", " Небере", "Кечки тамак кезинде" ж.б.у.с. ырларды балдарды бал тилге бөлөгөндүгү.

Ал эми түбөлүктүү сүйүү темасында да токтоо мүнөз күтүп, башкалар аңдап билбеген жөнөкөй, жупуну көз караштары менен окурманды өзүнө чакырып турат. Аскер-акын Нурмамат Жоробаевдин чыгармачылыгы жөнүндө кеп коломтосун көп козгоого болот. Алдыда окурмандар тарабынан да жагымдуу пикирлер айтыла берериндe шек жок. Анткени, талант табият менен да эриш аркак жашаганы мыйзам ченемдүү көрүнүш. Айтылуу Өзгөн жергесиндеги алма жыттуу Ак-Жар айылынын жаратылыш кооздугу, көрсөң көз тойбос керемети акындын балалык чагында эле денесине сиңип, тулку боюна сыр болуп кирип, учурда ыр болуп төгүлүп турган кербези.

Сөз соңунда айтаарыбыз- акындык өнөрдү туу тутуу өтө ыйык жана жоопту. Күн- түн ойго термелип, жакшы сөз тапса, жаш баладай сүйүнүп, ал ыр канат байласа жетине албай күйүгүп "Жентек той" бергендей жар салып, жашоонун, өмүрдүн нукура маңызын татуу. Бул ыр топтом китепте дал ушундай табылгалар арбын.

Ошондой ойлор менен китепке- узун өмүр тилеп, ачык жол каалап, алакан жайып ак батамды ыроолоп турган чагым.

Бар бол , акыйкатты жар салган акын Нурмамат иним!

Чотов Ибраим Кадырмаматович,

Акын-адабиятчы, КРнын билим беруүсүнүн отличниги, Журналисттер союзунун мүчөсү.





## ЖОРОБАЕВ НУРМАМАТ



*Нурмамат Капарович Жоробаев 1966 жылы 19 февраль күнү Өзгөн районунун Мирза-Аки айылында туулган.*

*1983-жылы Ак-Жар айылында, "Ак-Жар" орто мектебин бүткөн.*

*1988-жылы жогорку аскердик окуу жайын бүткөн.*

*1988-2011-жылдары СССР куралдуу күчтөрүндө, Кыргызстан куралдуу күчтөрүндө кызмат өтөгөн.*

*2011-жылы Оштогу Жалпы аскердик даярдоо кафедрасынын башчысы кызматында аскердик пенсияга чыккан.*

*Кызмат учурунда, Кыргыз Республикасынын Президентинин мактоо баракчасы, жана коргоо министрлигинин грамоталары, дипломдору менен жана эстелик орден, медальдары менен сыйланган.*

*Оштогу жогорку технологиялык окуу жайынын "Мыкты мугалими", наамы менен, "мыкты кафедра жетекчиси" наамы менен жана эстелик медалы менен сыйланган.*

*Аскердик тарбиялык маанидеги жуз нускада чыккан, "Тарбия иштеринин методикасы" китепчесинин автору.*

*Чыгармачылыкта:*

*"Сезим ширеси" автордук ыр жыйнагы чыккан.*

*Адабий чыгармачылыкка жаштайынан аралашып жүрөт.*

*Кыргызстандагы адабий жана илимий бирикмелердин, клубдардын ардак грамоталары, ыраазычылык каттары менен сыйланган. Кыргыз республикасынын тил комите-*

тинин "Ыйык тил", «Алыкул Осмоновдун эстелик медалы,» "сөз чебери" медалы, "Алтын калем", "Жайыл баатыр" жана башка медальдары менен сыйланган.

Ырлары Европанын, Россиянын, Канаданын журнал-дарына, альманах китептерине кирген.

2021 жылы СПСА уюштурган Эл аралык адабий сынакта Марк Твен атындагы сыйлыктын үчүнчү даражадагы дипломy менен сыйланган.

2022-жылы "Жоголгон балалык" поэмасы, СПСА уюштурган Эл аралык адабий "Юрий Алеши" атындагы сынакта биринчи орунга ээ болуп, биринчи даражадагы лауреаты диплому менен сыйланган.





## ЫР-МӨМӨЛҮҮ БЕЙИШ БАК

Күнү-түн тынбай жазган элге арнап,
күйүтүн, ысык-суугун иргеп талдап,
акындар чексиз сооптуу иштер жасап,
алышат бейишке жол Кудай жалгап...

Мекенин, элин сүйгөн азаматтар!
Мээримин төгүп ырдан көңүл ачаар.
Акыйкат чындык үчүн чыркырашып,
акындар тизет сапты катар-катар.

Көөдөнү толгон аруу ой-максатка,
көздөгөн иши таза, ыйман жакта.
Бурулбай тегиз карап, калыс сүйлөп,
бул дүйнө акыйкаты акындарда.

Канчасы каршы сөздөр айтаар бизге,
калетсиз, тазалык бар биздин иште.
Ким билет Жаратканым буйруп койсо,
киребиз жазмакерлер түз бейишке...?

*29.03.2023.*

## ЖУРТУМ АМАН БОЛСУН

Эмгегим сиңире албай каалагандай,
эл-журттун керегине жарагандай.
Дарексиз жүргөндөймүн өмүр сүрүп,
дайыма көңүл буруп карай албай.

Адашып элге жүгүн турат артып,
азгырык заман келди бура тартып.
Улуу көч өмүр кербен токтобосун,
унчукпай, жардам бербей турам кантип?

Түшүнгөн түшүнөттүр аалам сырын,
түпөйүл саясатын "кыйындардын..."
Теңдешсиз ажыдаарлар чабышынан,
Теңирим калкаласын Кыргыз калкын!

Жагынып опсуз сөзгө кулак түрбөй,
жашынып айтаары жок үнсүз жүрбөй.
Жашоодо ыйманыбыз таза болсун,
Жараткан насибинен үмүт үзбөй.

Эл менен эриш-аркак басайынчы,
эмгектен пайдалуу иш жасайынчы.
Жан дүйнөм ыракатта элим менен,
жашоону ырга айлантып жашайынчы.

*06.08.2022. Ош*

## ТҮҢҮЛБӨ

Тээ түпкүрүн түшүнгөндөй жашоонун,
телегейин тегиз ойлоп болгонун.
Кээ пенделер абийирин жоготот,
кенебестен коомдун тартип жолдорун.





Өзүм билем, өтүгүмдү төргө илем",
өтө бербейт баардык жерде бир билсең.
Жүзүң жарык коом менен келишип,
жүргөн жакшы шүгүр айтып, илгертен.

Кыңыр ишиң кырк жыл эмес төрт күндө,
кыйран болот азыр заман жүзүндө.
Уят, намыс, адамдыкты карманган,
улуу сапат дүйнөсүнөн түңүлбө!

## ЖОЛДО ЖҮРӨМ...

Жолдо жүрөм, бешенем, жолдо жүрөм:
"Жаратканым жалга"- деп, ойдо жүрөм.
Жазмышына тагдырдын жумшак-катуу,
жакшы издеп жан түтүп, оңго жүрөм.

Жолдо жүрөм, заманга кээде күлөм,
жалган айтса өзүмө, үндөбөгөм.
Жапатырмак алданган элди карап,
жаным ачып кез - кезде күбүрөнөм.

Жолдо жүрөм кыбырап, байкайм, сүйлөйм,
жок эмесмин көргөнүм айтам, үндөйм.
Жолоочудай бир келип элди бузган,
"жоону" сезсем, түз айтам, үнсүз жүрбөйм.

## ЧЫҢ ДЕН СООЛУК, УЗУН ӨМҮР ТИЛЕДИМ

### Уулума

Апакең төрөдү, ак бата бергемин.
Асыл ой, ак тилек, ак жолуң дегдедим.
Азыр да эсимде артымдан кармалап,
"Ата"- деп чулдурап, ээрчиген кездериң.

Жаш балдар, эрте-кеч оюн да эрмегиң,
жамгырда көчөдөн суу болуп келгениң...
Бозого "мас" болуп сый кылып көрүнбөй,
бозоруп жолуксак, көңүлдү эзгениң.

Мектепте кошулуп тартиптүү балдарга,
аянбай баарына барчусуң жардамга.
"Атасын тарткан"-деп, жымыңдап алчу элем,
атырдан себинип кыз жандап калганда.

Үйлөндүң, миң шүгүр, келиним акылман.
Үй толо небере, кызымдай жакын жан.
Бактыбыз узарсын, суранам Жараткан.
Элимде, жеримде оңолсун заманам!

Ден соолук, өмүрүң Кудайдан тиледим.
Сенсиң го улаган өмүрүм билемин.
Бактылуу жашагын заманга ылайык,
Бакытың сезе бил өзүңдөн экенин.

*25.02.2023.*





## ЖАРАТКАН КАЙГЫРТПАСА

Ата - эне "уул кызым" - деп ыйлабаса,
Адамдар оорубаса, кыйналбаса,
Бул дүйнө, наркы дүйнө каттоо болуп,
Жашоодо кошок ыры ырдалбаса.

Жакындар бир биринен ажырабай,
Жанашып өмүр сүрсө камырабай.
Жубайлар бир бирине катуу айтпай,
Жашашса узун өмүр жакшынакай.

Жараткан кайгыртпаса адамдарды,
Жаратса ошондой бир замандарды.
Жолдорун тагдырлардын ачык кылып,
Жоготсо жашообуздан жамандарды.

Кемибей толук бойдон таңдар атып,
Кесел жок, таза болсо асман ачык.
Кайгы жок учурашып чогуу жүрсөк,
Тагдырга капа болбой саламдашып.

## КЛАССТАШТАРГА

Күчкө толуп билинбей биз чоңойдук,
Көчө таптап жаштык кез ойлонбодук.
Сырдуу карап кыздарга имерилип,
Атын жазып ортосун кошуп коюп.

Тунгуч сүйүү сайгылап жүрөктөрдү.
Түнү - күнү үндөшкөн күндөр өттү.
Бир кучактап, капыстан жүзүн сүйсөк,
Мактанчу элек каккылап көкүрөктү.

Алдыбыздан ар түрдүү турмуш тооруп,
Иштеп, окуп... кай бири жоокер болуп.
"Таза жолдуу келечек курабыз" - деп,
Адил сөзгө ант бердик көөдөн толуп.

Тагдыр бизди ар жолго тараткансып,
Тандап бирден сыноолор жараткансып.
Чынчыл жолдо изденип дагы деле,
Биздин тагдыр сезилет бараткансып.

Оюн, жыргал, тамаша... тарых болсун,
Биздин жашоо жалындап токтобосун.
Саргайбасын бир келген өмүр жолу,
бизде майрам, бизде той дайым болсун.

## КИМДЕРДИН АЙЫГАТТЫР ЭСКИ ДАРТЫ

Узактан, алыстардан жазып калдык,
уккандай бирибизден бир жамандык.
Көнүлдү калтырбайлы өмүр кыска,
капыстан сөз айтылса кайрып алып.

Кусалык, сагынчыма ийип келдиң.
Кубаныч, кайгыма да кириптерсиң.
Уламыш кошул - ташыл сөз угулса,
ушактын чечмелерин иликтээрсиң.





Катыгүн кенебестик кеткен чыгаар,
капилет жүрөктөргө тийип ызгаар.
Ачыгын айтып чогуу бир чечишсек,
ашыкпай түшүнүшсөк көңүл тынаар.

***

Достукта, махабатта болбостур карт.
Кармалса жогоркудай негиздүү шарт,
Жөн гана жазып койдум, бирок балким,
кимдерден айыгаттыр эски бир дарт.

29.12.2022. Ош.

## ӨКҮНТӨТ

Шамалдап калган сымал сезимдерим,
шар суудай акпай калган кезим менин.
Жашынып көөдөнүмдүн түпкүрүндө,
жан дүйнөм күтүп жүрөт жеңилдээрин.

Жүрөк да кайра- кайра муздай берсе,
жалынсыз өчөөрлүгү турган нерсе.
Жаңырып сезимдерим, эски элестер
жакшы эле жангыс болду курган дешсе.

Алыстан келе берет элестерде,
акылсыз өткөн күндөр кээде-кээде.
Бир жүрүп толкундарда, бирок сезим,
өкүнтөт болбогону сенде, менде.
*20.12.2022.*

## КАРТӨШКӨ

Базардан алдым картөшкө,
бышырсаң даамы өзгөчө.
Арманда калат ар бир жан,
ооз тийип өзү көрбөсө.

Куурусаң эми бир ширин,
өпкөдөй жумшак тилимиң.
Борсойтуп коёт курсакты,
ойлонтот бир аз сиңимиң.

Бышканда куйрук май сымал,
дарманы "чока пай" сыңар.
Жериме келген алыстан,
көнүштүн эми баарыңар.

Кантсе да тамак биз үчүн,
кээ-кээде тартат көңүлүм,
куурутуп пияз, эт кошуп,
кандырам көксөөм өзүмдүн.
*21.06.2022. Ош.*





## ЭСКИ БУТ КИЙИМИМ

Жыйнап жатып жертөлөөмдү үй четинде,
көрдүм эски бут кийимим, мына эмесе.
Кармаладым, чекелери кемшийиптир,
качанкы өткөн күндөрүм салды эске.

Жылдар-айлар өтмүшүм элестеттим,
жакшы-жаман айтуу кыйын мезгил ченин.
Шаардагы «миң түркүндөн» дем алышта,
жаңы алып бут кийимди мен кийгемин.

Ошол күндөн жыл айлантып чогуу жүрдүк,
оош-кыйышта бирге сыздап, бирге күлдүк.
Аш-тойлордо тынымы жок кайран «чокой»,
Тиргиликти чогуу чуркап, бирге сүрдүк.

Майышсаң да алыс жолго чогуу баргам,
махабаттын саздагына чогуу баткам.
Ар бир саатын ал күндөрдүн жакшы көрөм,
көп учурлар жүрөгүмдө чогуу баскан.

Капыс сени таптым эски бут кийимим,
каңырыгым түтөп көптү элестеттим.
Эх, ошол кез, ошол жаштык тынымы жок,
эми жоксуң, кайдадыр бир алыс кеттиң.

*21.06.2022. Ош.*

## КӨРҮП СЕНИ СҮЙҮНӨМ

Сенсиз жашоом, жашоо эмес сапырык,
сенсиз уйкум, уйку эмес басырык.
Таң эртелеп көрүп сени сүйүнөм,
кубанычтан сезимдерим "асылып".

Түрдүү жыргап сыладым го жумшагым,
түнү менен кучагымда туйладың.
Бирде башка, бирде бутка оролуп,
каалагандай таң атканча "кыйнадым".

Күн бүгүн да алды өзүнө жарыгын,
түн жакындап сени дегдейм ашыгым.
Тез чечинип жатсам экен кучактап,
менин жумшак, жыпар жыттуу жаздыгым.

Уйку ширин, уйку сонун айтаарым,
жумшак, жыттуу, таза болсо жаздыгың!

*20.06.2022. Ош.*

## ЭҢСӨӨ

Күз айы, жолугууну эңсеп келдик,
күн эмес саатын чогуу күтсөк - дедик.
Жараткан бизге берген өмүрүбүз,
сыйлашып, чогуу бирге жүрсөк - дедик.





Оюбуз, максатыбыз бириккендей,
жүрөктөр ыргак менен согот бирдей.
Сүйүүдө өтсө экен күндөрүбүз,
турмуштун куу илебин эч сездирбей.

Күз айы өз талабын коёр бизге,
сары түс орноп калаар сезимдерде.
Келеттир биз ойлогон мүнөттөр да,
кофе ичип, басып жүргөн парк ичинде.

## ГИЛАС

Кызарып жол боюнда бышкан гилас,
кызыгып мөмөлөрүң таттым ырас.
Кынтыксыз сулуулуктун күчү эмнеде?
Кылчайып тиктеп турдум сени бир аз.

Суктантып көргөн көздү керилесиң.
Сулуулук эталону сезилесиң.
Ийилип бышкан кезде мажүрүмдөй,
имерип илебимди эмизесиң.

Сүйкайып жол боюнда бышкан гилас,
суналып көлөкөңдө жаттым ырас.
Кынтыксыз табигаттын сулуулугу,
кызыгып сен жөнүндө жаздым бир аз.

*19.06.2022. Ош.*

Токтогул Сатылганов
атындагы
Ош облустук китепкана
ИНВ № 487173

## КӨЗДӨ КАРЕГИМ

Жанымда жүрчү жарыгым менин,
жашоомо багыт азыгың сенин.
Жол ачып жазсам маңдайымдасың,
жоготкум келбейт көздө карегим.

Капыс жок болсоң көңүлүм кирдейт,
каниет кылбайм, баардыгын издейм.
Тунарып көзүм көчөгө чыкпай,
тултуя түшөм, үйгө да кирбейм.

Дайыма бир бол көздө карегим,
дайынсыз кетпей билдир дарегиң.
Жазалбайм сенсиз, окуй да албайм,
Жарыгым менин, эх..көз айнегим.

Сүйөм го сени эх..көз айнегим!

(Жоготуп алып издей бергендеги тамаша ыр)

*20.06.2022. Ош.*

## АКЫРКЫ КОҢГУРОО

Жыргал кезим, эң акыркы коңгуроо,
жылдар өттү, жаңырганы короодо.
Бала жыттуу мектеп менен коштошуу,
баарыбызга кыйын эле болду го.





Келсем азыр, кең-кесири жүрө албай.
курбулар жок, шайыр ойноп, күлө албай.
Кечээ күнүм эске түшүп муңайым,
кетким келбей турам, үмүт үзө албай.

Ийгиликке үндөп агай-эжейим,
изги ишке айткан бата-тилегин.
Таппадым го ой-чуңкурун аралап,
тагдырымдын андай мезгил ирмемин.

*25.05.2023.*

## АЛИППЕ

Алыстабай күймөнгөм,
апам айткан сүйлөмдөн.
Окуганды, жазганды,
алиппеден үйрөнгөм.

Жакын досум алиппем,
жандай көрүп ийменем.
Таанышкыча сен менен,
тамгаларды билбегем.

Сүйүүм сага өчпөгөн,
сүрөттөрдү көп көрөм.
Так окуйм да, жаттаймын,
таасир алам көптөгөн .

Досум болдуң жакын сен,
кубанышты ата - энем.
Жатсам - турсам жанымда,
алиппемсиң кетпеген.

*09.02.2023.*

## БӨБӨК ЫРЫ

Мен кичине баламын,
тилин алам апамдын.
Чогуу чыксам көчөгө,
колун кармап аламын.

"Отур" - десе отурам,
курсагымды тойгузам.
Капа кылбайм апамды,
"Кой!" - дегенди мен угам.

Атакемди мен күтөм,
алдын тосуп жүгүрөм.
"Орундатам тилегиң,
чоңойсом..." - деп, сүйүнтөм.

Бала бакча бир үйүм,
достор менен жүргөнмүн.
Тарбиячы эжемден,
көп нерсени үйрөндүм.





Тамгаларды билемин,
айта аламын иретин.
Атам, апам айткандай,
адам болуу тилегим.

Чоң энемди сагынам,
айлан-көчөк кагылган.
Айран, каймак...ат минип,
кетким келбейт айылдан.

Жакшы көрөм баарынан,
жакын мага чоң атам:
"Элге кызмат кыл!" - деген,
ак батасын аткарам.

*31.10.2022.*

## САГЫНАМЫН

Сүрөтүң көрүп сенин сагынамын,
сүйүүнүн сезип кетем табы барын.
Серпилип бакыт издеп, канат кагып,
сезимим арнап сага багынамын.

Жаштыгым кайра келсе таң калмакмын.
Жарылып, балким сүйүүм айталмакмын.
Тагдыр го, башка заман, жүрөөр элек,
сүйүүнү билгизе албай ачык айкын.

Балким сен, жүрөк күүсүн кабыл алып,
бактылуу болоор белек кол кармашып...?
"Өткөнгө өкүнбөймүн"- деген менен,
өмүрүм калган сымал жараланып.

*17.02.2022.*

## ӨЗГӨНДҮКМҮН

Угулат түпкүрүнөн кең тарыхтын,
укмуштай Өзгөн шаарым атак даңкың.
Улутка убагында ордо болуп,
улуулап койдуң баркын көчмөн калктын.

Сезилет тегеректе ыйыктыгың,
"көрсөм"-деп, көксөгөн көп ичи сыртың.
Айтууга акыл чени жетээр бекен?
Атагың узап кеткен терең кылым.

Өзгөнүм кулпурасың жылдан жылга,
өзгөчө жарашыктуу мунараң да,
Өтүмдүү күрүчүң да, жаңгагың да,
өсө бер, өркүндөй бер кылымдарга.

Айта алам кулунумун - Өзгөндүкмүн,
аска-зоо, токой толгон өрөөнүмдүн.
Жазы суу, Кара-Шоро кенен жайлоо,
бабалар мурас кылган жөлөгүмсүң.

*11.01.2023.*





## АПАМДЫН ЧАЙНЕГИ

Чай ичип жүргөн экөөбүз тердеп,
эсиңде бекен апаке, чайнек?
Сыныптыр сабы, чоргоосу ийри,
ыйлагым келди, "апакем ай"-деп.

Кечинде жумуш бүткөндө келсем,
угулат үнүң: "кел, чай ич" - деген.
Нан, майы даяр, чекеде чайнек...
Керемет жашоом, көп элестетем.

Колума кармап, арбагың сыйлап,
чайнегиң апам, аарчыдым ыйлап.
Жеңил көтөргөн колуңдун деми,
тургансыйт дале, көөдөнүм кыйнап.

Апамдан калган көк гүлдүү чайнек,
оңдотуп эми, койдум бапестеп...
Эч кимиң тийбе, мен гана кармайм,
апам бар күндөр турсун элестеп.

*21.06.2022. Ош*

## БӨБӨКУНАА

Кечээ көрдүм дүкөндөн бөбөгүмө,
кичинекей, ылайык арабача.
Неберемди келиним көтөргөндө,
кыйналганын сезгемин бир башкача.

"Коляска" - деп коюшат орусчасы,
бөбөктөрдү көтөрөт вазийпасы.
Алып берем ушуну небереме,
кыйналбасын келиним тек кыскасы.

Айда сонун төрт буттуу арабача,
алып бердим бул деле көңүл тура.
Күбүрөнүп ичимден атын койдум,
Кыргызчалап өзүмчө "БӨБӨКУНАА".

*20.06.2022. Ош.*

## БАТА БЕРДИМ ЫРЫМДА

Үңүрөйүп көз карашы коркутат.
Суроо берип, жан дүйнөңдү толкутат.
"Чоңойгончо коргоп койсоң сен мени",
деп айткандай, көздөрү сес, ой турат.

"Тийишпегин челегиме, мага да,
деги айтпа башың жетсе апама.
Түшүндүңбү, ээй чоң ата,түз кара,
Чоңойгондо жардам берем мен сага!"

Күлкүм келет, бирок сездим чынында,
неберемдин ой максатын, сырын да.
"Эх берекем, болгун дайым бактылуу!"
Неббереме бата бердим ырымда.

*20.06.2022. Ош*





## ЖӨН ЭЛЕ БҮГҮНКҮ КҮНГӨ АРНАЛГАН ЫР

Сентябрь, жыйырма эки. Асман таза.
Күз айы, кадим күндөр, жок айырма.
Карасак интернеттен айтылыптыр,
ушул күн ылайыктуу жөө басканга.

Бул күндө бир топ майрам турган экен.
Футболист Роналду да туулган экен.
Индия пилдин күнүн белгилесе,
негрлер носорогдун күнү деген.

Биз үчүн күн менен түн теңелген кез.
Белгилеп, жыл ортосу ченелген кез.
Чачылып алтын күздүн берекеси,
жаштарга ак сүйүү да кеменгер кез.

## НЕБЕРЕМДИН ТУУЛГАН КҮНҮ

Куттуктаймын туулган күнүң неберем!
Бирге чыктың , козголду го делебем.
Чоң атанын сүймөнчүгү шириним,
төрөлгөндөн ыйлаганды билбеген.

Сагындык биз, сен алыста неберем.
Эстеп жатат кайра-кайра чоң энең.
"Бактылуу да, узун болсун өмүрүң!"
Жараткандан мен ошону тиленем.

Ойноп жүргүн ата-энеңдин колунда,
бакыт кушу коштоп тагдыр жолуңда.
Нурун чачып, тунук болсун маанайың,
күлүп жүрсөң Алисам бир сонун да.

## БИР ТАМЧЫ АК СҮТҮҢӨ ЖАРААР БЕЛЕМ...?

Бар дүйнөң аалам баткан кенен белең?
Апакем мээримиңе тойбой келем.
Кеңешиң уккум келет мен күнүгө,
кептериң океандай терең белем?

Сагынып убайым жеп тураар элем.
Санаама арга жоктон тунаар элем.
Тирүүңдө "сага" деген тилектерим,
тизмектеп айтсам апа, угаар белең?

Мен үчүн аска-зоодой кубат элең.
Мээримиң күндө чачып турат элең.
Билем го кечиккеним, "ооба" - десең,
Бир тамчы ак сүтүңө жараар белем.

*19.06.2022.*

## ДУШМАН БОЛУП КАЛАБЫЗБЫ?

Санаалаш достор менен бирге окудук,
Союздун аягында бирге болдук.
Аскердик окуу жайын эстеп көрсөм,
адамдык касиеттүү дилге тойдук.





Курсантпыз, окуп-иштеп кызмат кылдык
Жашадык, бир-бирибиз урмат кылдык.
Кай жактан, кандай улут, сурашчубуз,
биз үчүн башка салттын баары кызык?

Украин же татарбы, белорусбу?
Кыргызбы, казах, өзбек же орусбу?
Бирге окуп ынтымакта жашачубуз,
бөлүнбөй, бекем кармап оюбузду.

Бейкапар ойноп-күлүп чогуу жүрдүк,
дос болуп, согуш ишин бир үйрөндүк.
Союздун теңдик заман, акыйкаты,
аягы не болорун түшүнбөдүк...

Жаттадык жоокерликтин милдеттерин,
окудук, аскер-согуш китептерин.
Оо Кудай, ошондогу үйрөнгөнүм,
билбепмин бир учурда керектигин.

Карачы кандай заман өзгөргөнүн,
дүйнөнү улуттарга бүт бөлгөнүн.
Жашоонун эртеңкиси кандай болот?
Билбейсиң өкүнүп же сүйүнөөрүң.

Жараткан сактасынчы адамзатын,
сыздатып бербесинчи жамандыгын.
Досторум чогуу жүргөн, келечекте,
билбепмин душман болуп калаарлыгын.

## ПУШКИНДИ ЭСТЕП

Биз үчүн Пушкин акын улуу экен,
эмгеги эсибизде муюп келген.
Ырлары чынында да эргүүлөнтүп,
татымдуу жашообузга таасир берген.

Жыйнагын чыгармалар окуп өстүк.
Ырларын маани берип угуп көндүк.
Каттарын Онегиндин жатка билип,
үлгү деп махабатта бийик көрдүк.

Ар элдин акыны бар Пушкин сымал,
таланттар арабыздан оргуп чыгаар.
А бирок туусу болуп акындардын,
Пушкиндин улуулугу көп айтылаар.

## КҮН ЫСЫК БИЗДИН ОШТО

Күн ысык, август айы, Сулайман тоо,
кыбырап караандар көп горизонтто.
Колдору маңдайында көлөкө издеп,
көрүнүш, жай мезгили биздин Ошто.

Чаңкаган, тер куюлуп аптап ысык,
чарчаган, бирок кечке тынбай басып,
жайкы фон Ош жергеси кыйма-чийме,
жатышпайт, бир кызык эл кыбырашып.





Ак-Буура таштан ташка уруп ташып,
аркырап шаар ортосун бөлөт жарып.
Жээгинде эртели кеч күн өткөрөт,
жаш, кары дарыяга жүзүн чайып.

Кайнаган баягы эле чоң базары:
жер-жемиш, легендарлуу майда манты,
айланып бир ортодо үйүлгөндөй,
аралаш кийим-кече, тамак-ашы.

Күн ысык, август айы биздин Ошто,
кыбырап эл тынчыбайт көчө толо.
Кайдадыр үмүттөрүн унуткандай,
караандар шашылышат кайнап жолдо.

*01.08.2022.*

## ӨМҮР УШУЛ

Бир жашында балдан таттуу ширин - дейт.
Кудай айтса мени багаар, кийин - дейт.

Беш жашында көптү билген "кыйын" - дейт.
Сүннөт берип, эркек кылам быйыл - дейт.

Он жашында "күчүк " болбой тыйыл - дейт,
эркекке окшоп белиң түзөп жыйыл - дейт.

Он беш жашта сагалаган "итсиң" - дейт,
түнү менен кай жактарды життиң? - дейт.

Жыйырмада, "карышкырдай" кеттиң сен,
үйрүң менен кайсы шаарга жеттиң сен?

Отуз жашта күрүлдөгөн "жолборссуң",
эми сага жаман айтсам, болбоссуң.

Кырк жашыңда "өгүз", ишке тойбоссуң,
үй бүлөсүн багып, сактап "коргонсуң".

Элүү жашта сен "аюусуң" кенебес,
өйдө сезип башкалардан, кеп жебес.

Алтымышта сен "түлкүдөн" кем эмес,
туугап-туушкан, айыл ичи "тең" эмес.

Жетимиште таң эртелеп "корозсуң",
уйку жоктон, "лунатик" да болоорсуң.

Сексен жашта "балапандай" төрөлдүң,
эсиң качып, билбей эмне көргөнүң.

Токсон жашта Кудай билет не болдуң?
Жумурткага киргендей сен жоголдуң.

Жүзгө чыгып жашоого дем үрөйсүң,
бутуң баспайт, көз да кеткен, дүлөйсүң.
Андан ары берген саатын, күндөрүн,
Жараткандан болоорунча көрөөрсүң!





## АТАГЫН КАЛТЫРСАМ

Кыргызды Кыргыз кылып барктай алган,
кынынан кылыч суурул саптай алган.
Кас-душман тең асылып турган кезде,
Каганат кең бийлигин сактай алган.

Барсбектин барактарын ачкым келет.
Байыркы кылымдарга баргым келет.
Башынан ылайыктап муундарга,
баатырдын баатырдыгын жазгым келет.

Кыргыздын Каганатын айткым келет,
кылымга ал жашаган кайткым келет.
Калкымдын унутулгус кыраны - деп,
тарыхка өчпөс кылып таккым келет.

Акыйкат орногон - дейт, Каганатта,
ааламды дүңгүрөтүп Кыргыз анда.
Аткарып үмүтүмдү бүтүрө алсам,
атагын ай-ааламга калтырам да.

*19.06.2022. Ош*

## БИЗ ИЛГЕРТЕН МУСУЛМАНБЫЗ

Энесай, Орхон, Алтайды,
Кыргыз ээлеп илгертен,
биздин доордун башында,
Таласка кирип келишкен.
Ээлик кылып, Таласта,
Тянь-Шань тоосун таянып,
Памир тоосу, Мараканд,
бүт аралап жетишкен.

Андан бери көп өтүп,
жер өзгөрүп, эл өсүп,
Кыргыз бирде жыгылса,
бирде турган тез өсүп.

Сегизинчи кылымда,
чыгышып каршы Кытайга,
Мусулман эли биригип,
жеңип чыккан Таласта!
Ошол мезгил элибиз,
кабыл алып исламды,
мусулмандык күчөгөн
биздин улуу Кыргызда!

Эсиңерге салайын,
окусаңар Манасты,
"окутушкан"- деп айтат,
ислам динин Чубакты.
Андан бери туугандар,
канчалаган суу акты,





Талас, Памир, Тянь-Шань,
канча башка жоо басты.

Айтайын деген максатым,
байыркы Кыргыз элибиз,
адашпай билип жүрөлү,
илгертен ислам динибиз,
Таластагы жеңиштен,
бери көздөй миң жылдап,
элибиз кармап жылына,
орозону билебиз!

Азыркы коңшу улуттар,
ал учурда жок эле,
Алардын өнүү жолунда,
Кыргыздын деми көп эле.
Кеңири айтсак жарашат,
жакынкы коңшу элдерди,
"мусулман кылып талыкпай,
динге үйрөттүк"- деп эле.

Көптөгөн тарых жолубуз,
акыркы кылым учуру,
унуткарып келишкен.
Чыгаан уулдар жоголуп,
кошоматчылар көбөйүп,
перс аралап, кан бузуп,
Кытайга сатып жетишкен!
Душмандарга эрдиги,
Кыргыздын сиңген канына!
Ошондуктан каршыбыз,

## БИЗ ИЛГЕРТЕН МУСУЛМАНБЫЗ

Энесай, Орхон, Алтайды,
Кыргыз ээлеп илгертен,
биздин доордун башында,
Таласка кирип келишкен.
Ээлик кылып, Таласта,
Тянь-Шань тоосун таянып,
Памир тоосу, Мараканд,
бүт аралап жетишкен.

Андан бери көп өтүп,
жер өзгөрүп, эл өсүп,
Кыргыз бирде жыгылса,
бирде турган тез өсүп.

Сегизинчи кылымда,
чыгышып каршы Кытайга,
Мусулман эли биригип,
жеңип чыккан Таласта!
Ошол мезгил элибиз,
кабыл алып исламды,
мусулмандык күчөгөн
биздин улуу Кыргызда!

Эсиңерге салайын,
окусаңар Манасты,
"окутушкан"- деп айтат,
ислам динин Чубакты.
Андан бери туугандар,
канчалаган суу акты,





Талас, Памир, Тянь-Шань,
канча башка жоо басты.

Айтайын деген максатым,
байыркы Кыргыз элибиз,
адашпай билип жүрөлү,
илгертен ислам динибиз,
Таластагы жеңиштен,
бери көздөй миң жылдап,
элибиз кармап жылына,
орозону билебиз!

Азыркы коңшу улуттар,
ал учурда жок эле,
Алардын өнүү жолунда,
Кыргыздын деми көп эле.
Кеңири айтсак жарашат,
жакынкы коңшу элдерди,
"мусулман кылып талыкпай,
динге үйрөттүк"- деп эле.

Көптөгөн тарых жолубуз,
акыркы кылым учуру,
унуткарып келишкен.
Чыгаан уулдар жоголуп,
кошоматчылар көбөйүп,
перс аралап, кан бузуп,
Кытайга сатып жетишкен!
Душмандарга эрдиги,
Кыргыздын сиңген канына!
Ошондуктан каршыбыз,

бириге калып дайыма.
Ач жылаңач калсак да,
душманга үмүт арттырып,
эч жалдырап караба!
Көр, манкурт гана көрбөстүр,
мусулман тууган уйгурлар,
Кашкардагы көп журттар,
азыр кандай абалда?

Ата-тегим тутунган
динибизди сактайлы,
Жаратканга жагымдуу,
ыйманыбыз кармайлы!
Мезгил өтүп баратат,
момундардын жолунда,
сооп иштерин шашылбай,
туугандарым баштайлы!
Мусулмандык парздан,
досторум эч качпайлы!

## УБАДАЛАР КАЙДА?

Элимде кыйналгандар жокпу азыр?
Эл-журттун баары тегиз токпу азыр?
Эгерим баарын коздоп айтпагыла,
эстетсем азыр жашоо кызыл-тазыл.

Иш издеп ырыскысын тергени бар.
Ийгилик таппай кайра келгени бар.
Бийликтен жардам болбой жакырлыкка,
бой таштап, моюн сунуп бергени бар.





Айтылган убадалар азыр кайда?
Аргасыз бечарадан үн чыгат да.
Иши жок, жери да жок, үйгө жетпей,
урпактар көчө бойлоп калабы анда?

Кызыган көөдөн чогун өчүрө албай,
кыз-уулуң арак ичип өчү бардай.
Ээрчишип кулга айланып калабы эми,
урпагың өз жеринде өзү батпай?

*19.06.2022. Ош*

## ЖОЛУГАЛЫ КЛАССТАШТАР

*Ыры: Нурмамат Жоробаев*
*Обону: Абдуманап Караев*

Санааркадык эстеп өткөн күндөрдү,
Сагыныштык айтышпадык көп сөздү.
Классташтар келгилечи бул күнгө,
Кайсы досум кандай болуп өзгөрдү.

Баягы эле балалыктын элеси,
Балкып жүрөт эсибизде кемеси.
Өткөн өмүр кайрып берсе жараткан,
Жок го ошол кездегиге теңдеши.

Эстегиле мектептеги күндөрдү,
Эркелеген эже агайга үндөрдү.
Көлөкөсүн алма бактын сергиткен,
Көңүл ачкан бакчадагы гүлдөрдү.

Келгилечи классташтар келгиле,
Ал күндөргө таазим этип кеткиле.
Сагыныштык санааркадык досторум,
Баа берели мектептеги мезгилге.

*Нурмамат Жоробаев*
*08.02.2023.*

## ЫНТЫМАКТУУ ТАЛАНТТАР

Ыры: Нурмамат Жоробаев
Обону: Жаннат Чокмоев

Жол берип талантгарга жаратканым,
Гүлдөтүп мекенимдин ыр бакчасын.
Өнөрпоз уул кыздары элибиздин,
Көтөрөт Кыргызымдын атак даңкын.

Улаган улуу элбиз урпак көчүн,
Улутпуз илгертеден иргеп өзүн.
Улантып бабалардын өнөр жолун,
Унутпай сактап келген көрөңгөсүн.

Ыр жазып комуз ойноп, сайма сайып,
Жаратып чыгармалар сүрөт тартып.
Жаңырат кыргызымдын өнөр кенчи,
Дүйнөгө таланттардын жолун ачып.





Кайырма:

Ош, Баткен, Жалал-Абад, Чүй, Нарындын,
Көгүлтүр Ысык - Көлдүн, Кең Таластын.
Бирикти өнөрпоздор ынтымакта,
Таланттуу урпактары эр Манастын.

*Нурмамат Жоробаев*
*21.12.2022.*

## КӨП БОЛДУ

Көп болду сезимдерди сыйлап келем,
кечиккен арзууларым ырдап келем.
Толгонуп ойлорум да удургуган,
токтотуп өзүмдү өзүм кыйнап келем.

Элесиң ээлеп алган жүрөгүмдү,
эрте-кеч эргүү берээр түнөгүңбү?
Сырымды ачык айтам чыдай албай,
сый менен сылык-сыпаа сүйөөрүмдү.

Түшүмдө сени менен гүл бакчада,
сүйүүнүн бийиндесиң кучагымда.
Бүт денем кызыганда махабаттан,
ойгоном туу чокусу убагында.

*26.12.2022.*

## СҮЙҮНДҮРЧҮ

Кээде мен сени менен сыр айтышып,
кечинде кыялданам, ыр айтышып.
Жанымда жүргөн сымал үн чыгарам,
жайдак ой-сезимдерим "кыр ашышып".

Аппагым ак сүйүүмдү билип жүрчү.
Ар дайым шайыр мүнөз, күлүп жүрчү.
Мен сага махабатым арнай берем,
мээримиң берип мени сүйүндүрчү.

Түбөлүк бир болууну чече албайбыз.
Турмуштун суусун чогуу кече албайбыз.
Махабат гүл бакчасы биздин жашоо,
мен сенсиз же сен менсиз, кете албайбыз...

## ЖАЙ АЙЫ

Таң эрте нуру чачырап,
таратып таалай күн чыгат.
Жерибиз улап жашоосун,
жан-жаныбар жайылат.

Булбулу сайрап гүл жайнап,
булагы алган суу кайнап.
Багында марал оттогон,
Мекенге мезгил жарашат.





Тоо гүлүн терип таң заарда,
чүкүрү, ышкын жакада.
Жаз мезгил шарты башкача,
жашарып көрктүү айлана.

Айтылуу саамал жай таңы,
жайлоодо бээлер байланды.
Тартылат айран, кымызы,
коюлуп наны, каймагы.

Булуту суюк асманы,
күйгүзөт күндүз аптабы.
Сүрөттөп бүткүс философ,
өзгөчө сырдуу жай айы.

## СУЛАЙМАН ТОО - ЫЙЫК ТОО

Жаралып жарашыктуу Кудайдан тоо,
жашарып, көркүн берип суналган тоо.
Сактаган ыйыктыгын кылымдарга,
жоготпой касиетин Сулайман тоо.

Кайырма:

Журтума ыйык болуп куралган тоо,
жанашып өркөчтөрүң буралган тоо.
Жаралган түбөлүккө элим үчүн,
жашай бер касиеттүү Сулайман тоо.

Чакырат кереметтүү табиятың,
жарашып чар тарапка жайкаласың.
Байыркы Ош шаарынын ортосунда,
алыстан Сулайман тоо байкаласың.

Улуулар, бийлер келип ой бөлүшкөн,
улукман Сулаймандын көзү түшкөн.
Атагың аалам билип, көлөкөңдө,
калың эл сый-урматын өткөрүшкөн.

## БАСЫЗДАР

Байыртан уруу болуп журтун коргоп,
Басыздар жашап келет Кудай колдоп.
Баарынан кымбат бизге аткаралы,
бабалар осуятын берген жолдоп.

Кыргыздын сол канатын иргеп талдап,
кынаптап Жаратканым өзү жалгап.
Басыздар бийлеп турган аты өчпөйт,
илгертен бакыт кушун бекем кармап.

Өзгөндө, Нарын, Талас, Чүйдө барбыз,
Ысык-Көл, Ош, Жалал-Абад таркаганбыз.
Ташкенде, Анжиянда бүтүн тарап,
Фергана өрөөнүндө жашайт Басыз.

Жашынган улут изи карт тарыхта,
жаңырат баатыр үнү алыстарда.
Жашырбай заман бизге ачык болсо,
жаткансыйт сырдуу байлык Басыздарда.





Заманга ылайык бол жаша Басыз.
Унутпа тарыхыңа кара Басыз.
Бабалар мекендеген жерибизди,
жан берип коргогонго жара Басыз.

*07.11.2022.*

## ЭХ, ӨМҮР...
(Эненин арманы)

Эх, өмүр... өттү-кетти не кылмакмын?
Эскерем кертимдерин тагдырымдын.
Энемин, балдар билбейт кайдан билсин?
Эчкирткен армандарын карылыктын.

Жашоодо өз жолу бар ар пенденин,
жан дүйнөм чыйырында жалгыздыктын.
Жармашып жалгыз аяк жолдо келем,
"жараткан дөөлөт бер" - деп, карылыктын.

Өмүрүм өттү-кетти, эмне кылдым?
Өкүнсөм, сүйүнсөм да мен карыдым.
Тагдырдын мага деген бул жолунда,
түшүндүм мен дайыма жалгыздыгым.

## ТИЛ

Т
Түпкүрүнөн кылымдардын өткөн тил,
түрк элдердин түбүн түптөп өскөн тил.
Түбөлүгүн улуу Кыргыз аныктап,
Түшүнүгү бай заманга көркөм тил.

И
Илгеркиден заманга тап койгон тил,
ишенимге аалам кезип толгон тил.
Ийгилигин улуу элдин ыр менен,
иргеп айтып көңүлдөргө толгон тил.

Л
Лакаптарга, нуска сөзгө бардам тил.
Лакап айткан чечендерге дарман тил.
Легендарлуу башка тилдүү элдерге,
лирикадай көңүл ийээр жардам тил.

*23.09.2022.*

## ЫЙЛАМАКСЫҢ АЛЫКУЛ

Заманыңда оор мезгил болгондур,
зээниң кейип ырга салдың сен булбул.
Ызаланган акыбалын журтуңдун,
ыйламаксың көрсөң азыр Алыкул.





Элиң ошол, "түлкү" айтса бүт "макул",
ээ боло албай өз жерине куруптур.
Ар тараптан "айбандарга" таланып,
Ата-Журтуң ооруп турат Алыкул.

Тегирмендин ташы сымал айланган,
шумдук заман келди бизге кайрадан.
"Сен ооруба мен ооруюн Ата-Журт",
Дегендер жок, түшүнүк аз андайдан.

"Өзүм эле бай жашасам болду"- деп,
өзгөчө ой ээлегендей сезилет.
Эл пейили бузулганын Алыкул,
көргөнүңдө айтаар элең эмне кеп?

Азайдыбы, жоголдубу деги эле,
алп уулдары, акылмандар жеримде?
"Сен ооруба, мен ооруюн Ата-Журт",
сөзүң азыр алсыз элдин эсинде.

*24.11.2022. Ош*

БАЙ БОЛСОҢ ТУУГАНСЫҢ,
КЕДЕЙ БОЛСОҢ КУУЛАСЫҢ.

БАЙ БОЛСОҢ ЖАКЫНСЫҢ,
КЕДЕЙ БОЛСОҢ КАЧЫРСЫҢ.

БАЙ БОЛСОҢ СЕНИ ЭСТЕЙТ,
КЕДЕЙ БОЛСОҢ СЕНИ "КЕТ"- ДЕЙТ.

БАЙ БОЛСОҢ САГА БЕРЕТ,
КЕДЕЙ БОЛСОҢ СЕНИ ТЕБЕТ.

БАЙ БОЛСОҢ КЕРЕКСИҢ,
КЕДЕЙ БОЛСОҢ ЭРМЕКСИҢ.

БАЙ БОЛСОҢ КӨҢҮЛ СУРАЙТ,
КЕДЕЙ БОЛСОҢ ӨҢҮН БУРАТ.

БАЙ БОЛСОҢ СӨЗҮҢ УГАТ,
КЕДЕЙ БОЛСОҢ СӨЗҮҢ ЖУЛАТ.





## МИГРАНТТЫН АКЫБАЛЫ

"Кай жакка барсаң мамайдын көрү" демекчи,
азыркы абал макалын элдин эстетти.
Мигранттын тарып, бараарга жолу торолуп,
айласы куруп, акылын таппай эс кетти.

Мекенге келсе жашоого шарты жетишсиз,
"мейли"- деп калса, согушка айдайт белгисиз.
Үй-жайы болсо тамак-аш жетээр бүлөгө,
Эх, бараар беле өлүмгө деле келгисиз?

Караңгы түндө адашып жолун табалбай,
кайгыга батып каңгыган башын жазалбай,
караган издеп жашынаар жаандан пааналап,
калтырак басып мигранттар жүрөт каралбай.

*23.09.2022*

## ТҮШҮНСӨК

Түшүнсөк эмне зыян, эмне пайда?
Элибиз ооз көптүдөн кыйналбаса.
Кыбырап Кыргыз жүргөн жанын багып,
койсоңчу, асылбачы Россияга.

Билбейсиң "агрессор"- деп, жамандайсың,
көрбөйсүң НАТО шайтан не кылганын.
Бюджетиң толуп жатат эмгегинен,
токтотчу мигранттарга кыр салганың.

Алдаган "фейкти" сүйлөп адаштырба,
"сөз" деген факты менен так айтылса.
Жөндөн-жөн билбей туруп күнөө коюп,
орусту Кыргыз менен кайраштырба.

## ӨЗГӨН

Убагы чоң Каганат орун алган,
Улуттун ордо шаары болуп калган.
Өзгөндө дүйнө сыры бүт чечилип,
Өзүнчө бийлик ордун аныктаган.

Байыркы тарых өзү тастыктаган,
Басынтып Өзгөн жерин суктанышкан.
Бабалар осуятын сактайбыз деп,
Баатырлар элин коргоп далай чыккан.

Кулпурат Өзгөн шаары өтүп жылдар,
Купуя сыры менен мунара бар.
Улуттар ынтымагын бекемдеген,
Улуулар айтып келген улама бар.

Өзгөнүм, Өзгөн шаарым өнүгө бер,
Өзгөчө шаар экениң дүйнө билер.
Өсө бер мезгил менен тең жарышып,
Өрүшүң узун болсун аалам сезер.





## АКЫРКЫ ОТУЗ ЖЫЛДА ЭМНЕ КӨРДҮМ

Акыркы отуз жылда нени көрдүм,
Аргасыз кыйноо тарткан элди көрдүм.
Парага жең учунан тартуу болгон,
Пайдасыз куурап жаткан жерди көрдүм.
Иш таппай уурулукка башын урган,
Изин жаап качып жүргөн уулду көрдүм.
Үй жанын, ким экенин унуткарган,
Үмүтсүз жер караган кулду көрдүм.
Намысын бекемдечү жигиттердин,
Наркы жок ыргытылган курду көрдүм.
Кай жакка неге жумшайт билбей жүргөн,
Кадимки күйүп жаткан пулду көрдүм.
Байлыгы көбөйгөндө башын мыкчып,
Басымы ашып кеткен сузду көрдүм.
Баарына макул болгон тамак үчүн,
Жонунан тер суу чыккан тузду көрдүм.
Кашынып мурдун чукуп сөз айтпаган,
Катынын ээрчип калган эркек көрдүм.
Күнүмдүк жашоо үчүн бай аялга,
Күчүктөй чуркап жүргөн эрмек көрдүм.
Заводдор фабрикалар токтоп калган,
Заманы базар болгон өлкө көрдүм.
Кадимки таза кандуу тоолуктардан,
Карарган жөтөл баскан өпкө көрдүм.
Акты ак, кара болсо кара дебей,
Алмашып камалганды далай көрдүм,
Акчага түрмөдөн да качырышкан,
Ак үйдүн башчысын да таамай көрдүм.
Алтынды тонна тонна уурдап чыккан,

Азамат эл башчыны жаңы көрдүм,
Айлантып тегеретken элдин башын,
Ары жок калпычыны дагы көрдүм.
Ар жума бир маал ысык тамак ичкен,
Аргасыз жашоо сүргөн жанды көрдүм,
Күрүлдөп техникалар кагылышкан
Күнөөсүз агып жаткан канды көрдүм.
Көйнөгү тизесинен жогоруда,
Айымдан булактаган санды көрдүм.
Дарыя чекесинде көгөрбөгөн,
Түтүндөн буулуп калган талды көрдүм.
Мекенин таштап кеткен аргасыздан,
Мээримсиз жашоо күткөн уулду көрдүм,
Европа, Россияда иштеп жүрүп,
Эрки жок жашап калган муунду көрдүм.
Аялы акча издеп көчөлөгөн,
Аргасыз бала баккан жигит көрдүм,
Оорудан алы кетип тилеп турган,
Ой баскан мечиттерден тирик көрдүм.
Жоготуп теңдик жашоо кудай берген,
Капитал орноп калган заман көрдүм.
Жакшыны кууп жиберген убагында,
Жалтырак баш бийликти жаман көрдүм.
Карабай өз жаныңды өзүң бак деп,
Кан соргон кара мүртөз караан көрдүм.
Айына тонна берип, эттүү делген,
Чоңойгон букалардын жемин көрдүм.
Кенебей пенделерин өлкөдөгү,
Кемсинтип тебеленген элин көрдүм.
Керилген мүнөз менен эркектерге,
Көз кырын алмаштырган келин көрдүм.





Камалган ой чүмбөткө ишенимсиз,
Кароосуз калып кеткен сезим көрдүм.
Дүнүйө, акча үчүн тобокел деп,
Денесин алмаштырган айым көрдүм,
Атакка жетүү үчүн, бутун өпкөн,
Аты жок подхалимдин баарын көрдүм.
Отуз жыл аралыкта, түрдүү болду,
Жакшынын, жамандын да даамын көрдүм.
Акчанын кусуру суук элди эзген,
Ачыгы көбүн эсе заарын көрдүм.

*16.03.2023.*

## АТАМДЫ ЭСТЕП

Жашоо жолун атам сенден таанығам,
Жай сүйлөгөн мүнөзүңдү сагынам.
Жараткандан бир түшүмдө көрсөм деп,
Жашым төгүп күндө түнү жалынам.

Айткандарың акыл эсим иликтейт,
Акыйкатчыл мүнөзүңдү ким билбейт.
Айлыбызда теңдеши жок жан элең,
Атам сизди курдаштарың көп эстейт.

Эмгегиңден бакыт жолуң ачылып,
Ээлеп баркың заманыңда айттырып.
Кадырыңды калың журтуң сезгидей,
Кайттың атам насаат кылып калтырып.

Атам менин, аталыгың сезилди,
Айтам кимге, ичке тартам демимди.
Азаптарын бул турмуштун өтөөрдө,
Аңдай берем айтар кеңеш кебиңди.

## СЕЗИМДЕР УЧАТ

Көңүлүм толкуганын жазгым келет,
Көөдөнүм бир бошотуп алгым келет.
Жалынга сала бербе кызгандырып,
Жаныңда жалгыз өзүм калгым келет.

Жылмайган көздөрүңө эргип кетем,
Жылыткан сөздөрүңө таазим этем.
Бар болчу саптарымда алыстабай,
Барлыгым бул дүйнөдө сенде экен.

Сен болсоң бул жашоодо көңүлүм ток,
Сезимдер жетелешип учат ойноп.
Керилген махабаттын чоң деңизин,
Кел жаным жүрөлүчү чогуу бойлоп.

*01.04.2023.*

## СЕН ДЕСЕМ

Сен десем ичте бугум төккүм келет,
Сүйүүнүн дайрасына чөккүм келет.
Татына келбетиңден коё бербей,
Кучактап кайра кайра өпкүм келет.





Сени издеп сагынганым айткым келет,
Тагдырдын сунушунан кайткым келет.
Жаштыктын алыстаган кырларынан,
Жалындуу махабатым тапкым келет.

Сен болдуң көөдөнүмдү эзген дартым,
Сездиңби көкүрөктө өчпөс жалын.
Сүйүүдө магдыраган жүрөгүмдү,
Байкатпай кучагыңа ороп алдың.

*09.04.2023. Ош.*

## ТАҢ КАЛАМ

Неге дайым эл тагдырын ойнойбуз?
Неге мынча көр сунушту колдойбуз?
Билип чечкен зарыл эмне экенин,
биз эмнеге коңшулардай болбойбуз?

Карачы эми жакынкы эле тарыхты,
канчалаган Кыргыз жерин алышты.
Ага шылтап, буга шылтап чечимин,
ашмалтайы чыкты мекен тагдыры.

Баягы эле айла качкан тар заман,
баш көтөрүп жүрө албаган зар заман.
Кимге бердик, ким бийликте, аттиң ай,
кенебеген ишенимге таң калам...?

## САБЫР КЫЛСАК

Ызгаар суугу кеч күздүн ичиркентет,
ичтен алып денеңди титиретет.
Бутум үшүп, колдорум муздай түшүп,
тээ алыскы заманды элестетет.

Илгери да ушундай суугу болгон,
сыртта бороон, жөө шамал ободогон.
Койдун көңүн очокко калап жагып,
боз үйлөрдө бабалар корголоогон.

Түнү отту кайра-кайра кайтарышып,
тери чапан чечинбей, бир жатышып.
Жашап келген бабалар күн өткөрүп,
капаланбай жашоого шүгүр айтып.

Ошол эле боз үйгө баарын койгон:
жатакана, тамагы... дүйнө толгон.
Сексенбайлар, Токсондор төрөлүшүп,
Кыргызым да уланып улут болгон.

"Шүгүр" - десек жарашат бул өмүргө,
Жаратkандан берилген бул күндөргө.
Келээр бир күн Мекенге өнүп өсүү,
"каниет"- деп, карасак бул дүйнөгө.

*28.11.2021.*





## ЖАҢЫ ЖЫЛГА

Жакындап эски жылдын изин улап,
коён жыл жаңы демде келе жатат.
Жолборс жыл мына-мына коштошууда,
жыл бүтүп ийгилигин жыйынтыктап.

"Кош эми эски жылым - кош айтайын,
ала кет өзүң менен согуш даамын,
келтирбей, жакындатпай жолборс сүрдүү,
элимден жамандыкты тоскун дайым".

Жаңы жыл жакшылыкка кенен толсун.
Коёндой жумшак, назик, жылуу болсун.
Заманга тынчтык келип, бакыт ороп,
ырыскы элибизди ыроолосун.

Коен жыл ой максаттар аткарылып,
ийгилик коштоп турсун жол ачылып.
Элибиз токчулукта аман болсун,
Мекеним өсө берсин көркүн ачып.

*26.12.2022*

## УНУТПАГЫН КЫРГЫЗЫМ

Карачы эми Жаратkандын буйругу,
канча Кыргыз тиргиликтин туткуну...
Америка, Россия, Европа...
Кыргызымдын ушул болду турмушу.

Тагдыр насип, заман беле ушундай?
Талкаланды канча үмүт курулай.
Он гүлүнөн бирөө толук ача элек,
жаштар кетти дүйнө кезип, Кудай ай.

Америка, Европада өспүрүм,
атасына жазып коет көргөнүн.
Ич дүйнөсү, максаттары өзгөргөн,
бир бутагын оңдойм деген өлкөнүн.

Ким ойлонот, ким корголойт улутту?
Кыргызымдын оңолсо экен турмушу.
Ким күнөөлүү, улут таркап кеткенге,
арсар ойлор көөдөн эзип курутту?

Кайда жүрбө, эмне кылба тууганым,
Кыргыздыгың эсте болсун бил дайым!
Унутпагын тилиң, салтың, мекениң,
туманында жашоо, турмуш, тагдырдын.

*27.12.2022.*

## ДЕКАБРЬ АЙЫНА

Декабрь эсте калаар тыгыз болду.
Демейдей жүрбөдүк, кол бошободу.
Азыраак эс алалы деген менен,
ал күндөр анча деле
окшободу.





Декабрь жыл жыйынтык чыгарабыз,
не кылдык, кылбасак да ынанабыз.
"Өттү"- деп, капа кылбай эски жылга,
"Сонун"- деп, жакшы ниет ыйгарабыз.

Декабрь жыл аягы орундуу ай,
жайылган ак дасторкон тоюмдуу ай.
Эстетип, эсте калып жашообуздун,
ээлеген бир бөлүгүн жоруктуу ай.

Декабрь сени менен жыл да бүтөт,
жаш кошуп, өмүр жылып, мезгил өтөт.
Демиң бар ийгиликтер коштоп турган,
жыл сайын жүрчү бизди таяп жөлөп.

30.12.2022.

## ЭЛДИ ОЙЛО
*("Фейкти" акыйкат дебесек)*

Оюнда туура сөздү тапкан сымал,
ортодо шайтандарга болуп курал.
"Саясат эмне экенин билемин"- деп,
жүргөнсүйт башы айланып кээ бир жандар.

Балким ал өзү үчүн туура айткандыр,
бирөөнүн "фейкин" билбей тараткандыр.
Түшүнбөй, эх шайтандар, мээсин бузуп,
журтуна жаман түйшүк жараткандыр.

Мекенге эмне жаман, эмне жакшы?
Билбесек сүйлөбөсөк "саясатты".
Керекпи түйшүк салып элди кыйнап,
өзүнчө ойлоп алган "акыйкаты?"

БАЛАЛЫК

Эске түшөт кээ күндөрү балалык,
өткөн кездин кыялдары жаралып.
Эх, досторум, келгилечи чуркайлы,
чаң көтөрүп сайды көздөй баралык.

Кайда эми көлөкөлүү алма бак,
жазы суусу кирип турган ошол чак?
Шаркыратма шуулдаган агызып,
кеүттү бекен бизди алыстан карайлап?

Ары-бери, кыйма-чийме топ балдар,
бири сайга, бири адырга шашкандар.
Камыш оруп, чөп чабыкта кызыган,
мына биздин таттуу ширин ал жылдар.

Эшек минип адыр бойлоп жарышып,
кечинде бүт мелдеш, утуш, алышып.
Түн бир маалда мөөрөй алган эргулдай,
уктачу элек үйдө эстен танышып.

Келсе кана бир айланып башыма,
балалыктын бал татымы азыр да.
Достор менен чуркап, ойноп чаң болсок,
миң ыраазы болоор элек тагдырга.
*08.02.2023*





ООГОН СОГУШУ

Оогон согуш элдин калган эсинде,
тынчтык күндө жансыз дене келгенде.
"Согуш" деген даамы ачуу экенин,
билдик биз да, керт баш менен сезгенде.

Жаш жигиттер коргоп оогон жергесин,
канчалары берди жансыз денесин.
Булар баатыр аянбаган кан - жанын,
тынчтыгы үчүн дүйнөдөгү элдердин.

Мыжый кармап колундагы автомат,
калып кеткен "милдетим" - деп, жаш солдат.
"Эртеңки күн элим үчүн болсун"- деп,
жоону тосуп муздак жерде ал жатат.

Аны күтөт айылында апасы,
алсыраган ага берип көз жашы.
"Мына келет, ана келет"... дайынсыз,
укпайт эми эне үнүн баласы.

Канчалаган боздоп калды энелер...?
Эне ыйына кандай кайгы тең келээр?
Согуш бүттү, бирок оогон жеринде,
канчалаган калып кетти денелер...?

Согуш деген даамы ачуу экенин,
баары бирдей сезишпейби, билбедим.
Оогон чуусу бүттү, бирок согуштун,
жаңы чогу каптайт кайра бир жердин.
*13.02.2023.*

## ӨЗҮБҮЗДҮ БАСАЛЫ

Уккум келбейт жаман кабар эч кимден,
угулбаса кайгы-азап эч жерден.
"Жаман болду, кыйрап калды,-биз уктук",
кайра - кайра кыйкырганга там берем.

Жер титиреп урап жатат көп үйлөр.
Баласы жок, ата - эне жок, күйгөндөр.
Жараткандан адамзатка белгиби?
Кесепети тийип жаман жүргөндөр.

Коркунучтуу, көөдөн эзген көрүнүш.
Койбодуңар, айтып көнгөн көнүмүш.
Уккум келбейт калпы - чыны аралаш,
урбагыла жүрөктөргө дагы "муш".

Оо...Жараткан болду эми токтотчу?
Бир өзүңсүн басаар, тутаар жансакчы.
Айгайлабай жакшы ниетте жүрөлү,
Оо, адамдар... өзүбүздү бассакпы.

*10.02.2023.*

## ЗАМАНА КАЛЧАЙ БЕРБЕ

Жакшыны жакшы десек, акты актай,
жаманды жаман десек, үстүн жаппай.
Жалганга жармашпасак билип туруп,
Жараткан өкүмүнө каршы баспай.





Шашылып келе калган бакыт кушу,
шаң берип кээ жандарды удургутту.
Шамалдай учуп тарап көрө албастык,
шар суудай каптап кетти жалпы журтту.

Же эмне эки түрдүү кыял барбы?
Замандын өтпөйт андай сынактары.
Келишет же кетишет көлөкөлөп,
керексиз бул жашоонун ыргактары.

Замана калчай бербе өз пендеңи,
зарыл го ар бир жанга өз кербени.
Зарыккан калып кетсе айткан жолдон,
залалы баарыбызга бирдей чени.

*31.01.2023.*

## ЫРГЫТ ЖҮДӨӨ СЕЗИМДЕРДИ

Чоң жүктү ыргыткандай бошой түштүм,
чоочубай кенен айттым түшүнүгүм.
Билинбей кысып алгам жүрөк сырын,
баарынан кутулдум го мына бүгүн.

Карайбы, карабайбы мага эмне?
Жашоону байкай түштүм, жеңилдене.
Замандын жакшы жагы бар экен го,
сезе албай жүрдүм экен неге - неге?

Баары сыр, түшүнгөн бар түшүнбөгөн.
Байкабай, өзүн алдап үмүттөнгөн.
Ыргыт ээй... Ыргыт жүдөө сезимдерди,
жыргалың сезип өтчү бул дүйнөдөн.

*31.01.2023*

## ӨЗҮМДҮ ЖЕМЕЛЕДИМ

Өзүмдү өзүм кээде жемеледим.
"Өзгөрбөс кыялың бар неге?"- дедим.
Өлүмгө жетеленип баратсаң да,
өзүңдүн чындыгыңдан эч кетпедиң.

Табалап арттан карап турган бардыр?
Таарынып калган мага же кападыр?
Так айткан жакшы бирок көңүл үчүн,
таамай сөз жумшак болсо жарашаттыр...

Мен кээде өзүмдү өзүм жемеледим,.
"Мээримиң өзүңө да арна!"- дедим.
"Өмүрүң учкан куштай зымыраган,
өкүнүп өткөн күнгө калба!"- дедим.

*26.01.2023.*





## ЖОЛДО

Январь айы, жолго чыктым алыска,
жумуш бүтүп, кечинде шам маалында.
Ушул айда суугу күчөп аяздуу,
токсону да, чилдеси да табында.

Машинамдын терезеси ачылбай,
кепкө ысыттым, мешти жагып аянбай.
Алды жагым көрүнгөнсүйт бозоруп,
чыга бердим күрткү аралап шашылбай.

Шаардан чыгып түз талаада баратам,
Шамал күчөп, алдым тосуп чамынган.
Айланамда ак шейшепти салгандай,
аппак болуп кар күпүйүп жамынган.

Жол тайгалак, кар тапталып согулган,
чекесинде күрткү үйүлүп чогулган.
Бороон учуп тегерегин тегиздеп,
айландырып кар төшөлүп токулган.

Катар айдап машиналар тизилет,
караңгы түн чырактарын ирмелеп.
Көрүнүшөт жылтырашып кечинде,
кумурскадай чоң талааны чиймелеп.

Этияттап секин жүрүп кыбырап,
көз ирмебей жүрөк ичтен тыбырап.
Көрүшүүгө эски досум табылып,
бара жаттым жаштыгыма шашылып.

Эски досум, эстен чыккыс кеңешчим,
нечен көйгөй, сен куткарып кетчүсүң.
Айтканыңа мен берилип ишенип,
сени дайым өтө жакын сезчүмүн.

Көзгө элестеп жолугушуу кезеги,
кайталадым, доско айтаар кебимди.
Өңү түсүм, кийимимди эми эстеп,
карап коем айнегимден келбетти.

Кыш мезгили бороон чапкын күнүндө,
бара жаттым эски досту көрүүгө.
Ызылдаган бороон "мейли" - дегенсип,
колдогону сезилгенсийт сүрүндө.

Январ айы, жолго чыктым алыска,
жаш кездеги досумду таап барууга.
Ушул айдын суугу күчөп турса да,
көргүм келди элестерди жаштыкта.

## УНУТПАСАК

Кыргызды Кыргыз кылган кыялыбы?
Же мукам үндүү комуз, кыягыбы?
Үрп-адат, каада-салтын кармап келген,
байыркы элибиздин сынагыбы?

Кыргызга кыйынчылык күндөр келсе,
биригип бир муштумдай болгон экен.
Жараткан элибизге оомат берсе,
меймандос пейилин кең койгон экен.





Илгертен алыстарга көз жүгүртүп,
бабалар аалам сырын билген экен.
Табигат сыноолорун байкап жүрүп,
укмуштар дүйнөсүнө кирген экен.

Кыргыздын улуулугун улуктасак,
улуттун көрөңгөсүн курутпасак.
Келечек муундарыбыз билип жүрсө,
өткөргөн тарыхыбыз унутпасак.

## ЧОЧУП КЕТЕМ

Улгайганда акылым кетпесе экен.
"Менмин"- деген сезимдер жеңбесе экен.
Чочуп кетем көргөндө "окшошпойм"- деп,
кыялдарды ашыкча "темселеген".

Андай кыял улгайтып келбесе экен.
Болбосо экен, Жараткан бербесе экен.
"Мен элемин" байкасам дегендерди,
чочуп кетем... оо Кудай, чочуп кетем.

## ДОСТОРУМА

Чогуу өстүк, бир көчөдө жүгүрдүк.
Бир мектепте бирге окудук, бүтүрдүк.
Эстен кетпейт элесиңер жүрөктө,
эски достор болбойт экен күнүмдүк.

Бири узун, бири кыска урушчаак,
бири жалкоо, бири окуп тырышчаак.
Жакшы-жаман тагдыр жолун аралап,
жашап келдик бул турмуштун ыгын таап.

Күлкү менен кайгы чогуу чапкылап,
келет бизге өмүр күзү жакындап...
Канчоо элек, калдык азыр канчообуз?
Эсептесек эрксиз көздөн жаш чыгат.

Мына достор, убакыт таап чогулдук.
Мындай кездин азили көп, досчулук.
Тамашалап бир бирине тийишип,
бир күлүшөт, кайгырышат бир туруп.

Досторумдун амандыгын тиледим.
Доорун сүрдүк заманыбыз бергенин.
Кайда жүрсөк, эмне кылсак дайыма,
кармайлычы бийик достук желегин.

*02.01.2023. Ош.*

## БИРДЕЙ ЭКЕН

Ким биреөнүн жашоо шарты алдыда,
сүйрөп келет жанын салып камчыга.
Бири тартып арабасын турмуштун,
Жаратканга "шүгүр" айтып талпына.





Баары өтөт тагдырыңа жараша.
Турмуш, жашоо өйдө-төмөн заманда.
Балкып турган жыргалы да кууралы,
баасы бирдей акыретте адамга.

Чай береби, нан береби жалганда?
Кур кыялга капаланып арданба,
Бай - кедейи, эл өкүлү, шоопуру...
бирдей экен чын заманга барганда.

*03.01.2023. Ош.*

## АТАҢДЫН КӨРҮ ДҮНҮЙӨ

Эки сөз сүйлөп баскан бар,
жүрөгүн ээлеп жалгандар.
Мен гана болсом дешеби,
менчиктеп баарын алгандай?

Бетиңе айтып жакшы сөз,
артыңдан кытмыр күлгөн бар.
Шыбырап коюп ушагын,
калп айтып жашап жүргөн бар.

Ооз учу алдап сүйгөн бар.
Эки бет калың түйгөн бар.
Кыйналып турган кезекте,
артыңдан түртүп күлгөн бар.

Замана толуп жалгандар,
алдоону кесип кылган бар.
Айтканы Аллах, а бирок,
көөдөнүн тешкен гыйбаттар.

Акылдуу көбү сезилген,
алжыган бирок кебинен.
Атаңдын көрү дүнүйө,
бузулду баары четинен.

## КИМ ОЙЛОНОТ УЛУТТУ?

(миграцияда жүрүп жаш кеткен мекендештерге арналат)

Кайда калды каруусу күч туундусу?
Калың элдин көрөөр күнү ушулбу?
Ким арачы, ким ойлонот элимди,
Кыргызымдын куурады го турмушу?

Тагдыр насип, заман беле ушундай?
Талкаланды канча үмүт курулай.
Он гүлүнөн бирөө толук ача элек,
токтодубу жаш өмүрлөр, Кудай ай?

Эмне билди, эмне укту өспүрүм,
кыялданып жазаар беле көргөнүн?
Ич дүйнөсү, максаттары бар беле,
бир бутагын оңдойм - деген, өлкөнүн?

Ким ойлонот, ким корголойт улутту?
Кыргызымдын оңолобу турмушу?
Ким күнөөлүү, ким жооп берет, жообу жок,
арсар ойлор көөдөн эзип курутту...
*23.08.2022.*





## ЧЫНДЫГЫНДА

Карачы бул өмүрдүн шириндигин,
табигат жандуу-жансыз биримдигин.
Жашоодо ширелишип көнөлүчү,
түшүнүп заманыбыз бүгүн-кийин.

Балким сен депутатсың же бир таксист,
прокурор, соодагерсиң же бир артист.
Айтор бир, ушул заман жашоочусу,
мусулман, христианбы же бир баптист.

Баарыбыз бир кеменин ичиндебиз,
бай-кедей, жакшы- жаман биз биргебиз.
Бөлүнүп пайдасы жок билген менен,
дайыма башка жолун биз издейбиз.

Жашоонун акыйкаты адамзатка,
табышмак табылбаган кылымдарда.
Бул жалган экендигин заманыбыз,
билсек да адашабыз чындыгында.

*20.12.2022.*

## ЗАМАН УШУЛ

Өмүр кыска же узунбу, ортобу?
Өз парзыңа бекем тургун болгону.
Өзүң үчүн иште, бирок, тартибин,
өзгөлөнүп бузба жалпы коомдогу.

Дүйнө чексиз кабат-кабат ааламдар,
"дүнүйө"- деп, жүрүп өтөт адамдар.
Кайран тагдыр, мансап издеп жол басып,
канчалаган өткөн хандар, ар жандар.

Заман ушул, башкачасы берилбейт,
зар какшаба, баары пенде "өзүм"- дейт.
Ынтымактын, акыйкаттын чындыгын,
ырларында акын гана безилдейт.

Жалпы ойдо жеке максат айткан бар.
Жапатырмак иш бүтүрүп жаткан бар.
Ошондо да өзүм деген пенденин,
оору кыял, купуя сыр каткан бар.

Бул заманды түшүнүүгө аракет,
болуп келген, боло берет даремет.
Жараткандын бар экенин билсек да,
тагдырга биз ынанбайбыз "келе"- деп.

*27.12.2022*

## СҮЙҮП ЖАША

Жаратканым жараткан го адамды,
"жашасын"- деп, бекем кармап ыйманды.
Адашканын жолго салып бир нукка,
кутурганын сабыр менен тыйганды.





Жашоодогу эрежелер бир канча,
ар биринин тармактары ар башка.
Адмзатка баарын билүү шарт эмес,
жок дегенде жашайлычы ыйманда.

"Боло берет, кыйынмын" - деп, адашпа,
коюп коет орунуңа заматта.
Зыян кылба, ушак айтпа, алдаба,
сүйүп жаша адамды бул заманда.

## КЕЧИРЧИ

Канчалар жектеп жашайт бул заманды?
Калчаган түрдүү турмуш арабасы.
Караандар, эх караандар, кайгысы көп,
бекитип жашайсыңар ич арманды.

Жылмайып аргасыздан кедей-байы,
жыргалын айтып бүтпөйт замандагы.
Оо кайдан, оо Кудайым булардын да,
ичинде бышып турат арман-зары.

Кечирчи Жаратканым, пендебиз да.
Ыйманды ооздон айтып келгенбиз да.
Калп эле, оо калп эле, чиренебиз,
баары бир сени көздөп кетебиз да.

*09.08.2022. Ош.*

## БААРЛАШУУ

Карап коюу, көңүл буруу, сөз айтуу,
кабар алуу, көз жүгүртүү, жылмаюу...
Билинбеген, сыр каптаган ыкмалар,
бизде бул да саламдашуу, баарлашуу.

Ар бир ыкма өз салмагы, чени бар.
Ар кайсы убак туура келээр теги бар.
Өз ордунда колдонулбай кээ учур,
жүрөктөрдү капаланткан жери бар.

Карап коюу, кол булгалап жылмаюу,
кабар алуу, көздү кысып сөз айтуу.
Кандай сонун күткөн кезиң дал болуп,
колдонулса туура келип учуру.

*05.09.2022*

## ИРМЕМ

Түн кирип, караңгылык ириңинде,
түнөрүп, кирпиктериң илингенде.
Укмуштай кооз көрүнүш курчагансыйт,
уйкунун, ойгоолуктун чененминде.

Билинбей көр азабы тиргиликтин,
бул ирмем, денең балкыйт жеңилдиктен.
Ойгонбой, түш да көрбөй өзгөчө кез,
керемет жан эргитет эгер билсең.





Жагымдуу уйку-соонун бул ирмеми,
каалаган учуруңда же келсечи.
Жан дүйнөң балкып турган түн тилеги,
Жараткан узагыраак же берсечи.

*20.06.2022. Ош.*

## КУРМАНЖАН ДАТКА - УЛУТ БАРКЫ

Ошол кез, ошол учур жергебизде,
душмандар ар тарапта турган эле.
Курманжан датка энебиз бүт баарынан,
эл-жерин бийик койгон курган эне.

Балдарын коюп жоопттуу орундарга,
журтунун тагдыры үчүн издеп арга.
"Бер десе беремин"- деп, башын сайып,
жөнөгөн учурлар көп орустарга.

Кыргыздын пейилинин бийиктиги,
көрүнөт энелерден болгон сыйы.
Байыртан аял баркын баалай билүү,
ыймандын көрүнүшү бул чыныгы.

Карачы атка чактуу отурушун,
буйругун айтты балким карап уулун.
Энебиз улут баркы, аял көркү,
эстейбиз эчен дагы улуулугун.

## КҮНӨӨ ӨЗҮҢДӨ

Турмуш сынып, ката кетсе жашоодо,
түк биреөнү, күнөөлүү - деп, ойлобо.
Тийешеси барбы, жокпу издебе,
тээк өзүңдөн, акыбалың жашоодо.

Акыл качып уруш чыкса үйүңдө,
ардагыңды алып жыкпа күнөөгө.
Убагында, макул болуп жанашкан,
ук урматтуум, күнөө эми өзүңдө.

Жоро-жолдош кекирейип сүйлөсө,
жок нерсеге догун айтып үндөсө,
ошол шартка сен жеткирдиң, урматтуум,
жороң эмес сен турасың күнөөдө.

Бут айланаң батып калса баткакка.
Бүтүн элиң барып калса тик жарга.
Күнөө сенде эстетпеген калкыңа,
элге шылтап тетир карап сен баспа.

Күнөө сенде катуу тийсе, ыкыйба,
Кеч түшүнсөң келтек тийээр чыкыйга.
Аралашып дос-душманың жаныңда,
арканыңды ыргыт дайым алыска.





## ЗАМАНА ШАРТЫН КОЁТ

Учуруп жайкы шамал санаам барат,
удургуп сезимдерим жараланат.
"Адашкан, максатыңды айтпачы"-деп,
замана шартын коёт, атаганат.

Кол ойноп, кыл үстүндө айтылгандай.
Комузда турмуш күүсү шаңшыгандай.
Тагдырдын обону бар өзгө таандык,
көөдөндө тумар болуп тагылгандай.

Жай айы, сезимдердин бороону бар.
Күн жылуу, тек үшүтүп койгону бар.
Мезгилдер өз дүйнөңдө аралашып,
суук уруп, көңүл калып, тоңгону бар.

Удургуп жайкы шамал кайда барат?
Учуруп сезимдерим кыялданат.
Учу жок максатымды айткым келбей,
заманга "макул" - дедим, атаганат.

## ОҢОЛУУГА ТҮРТКҮ

Дүйнөнүн ченеми жок кенендигин,
оорулуу ою менен учуп кезет.
Замандын көркөм сулуу шириндигин,
көөдөндө сыздап, билип, айкын сезет.

Жашоосу калган болсо бир жумалык,
суранмак "дагы жума кошуп бер"- деп.
Ичээр суу калган болсо жарым кашык,
жутунмак дагы жарым кашык дегдеп.

Күн, мүнөт, секундалар кымбат болуп,
жашоодо оору менен кармашабыз.
Билүүгө аалам сырын көңүл толуп,
бул жалган заманга чын жармашабыз.

*19.06.2022. Ош.*

## АКЫЙКАТТЫК УРААНЫМ

Акыйкаттык ураан болуп акылга,
чындык үчүн тырышамын дайыма,
Эмне көрдүм, кандай өттүм таналбайм?
Кээде агам каршы чыгып заманга.

Талап кылып ачык айкын сөздөрдү,
канча ирет сезимдерим түнөрдү.
"Алдууларга" жага бербей тазалык,
боёшту го алдыдагы күндөрдү.

Бара берем өз тагдырым колумда,
мен үйрөнгөн акыйкаттын жолунда.
Өзгөртүүгө дитим барбайт, каалабайм,
кала берет ачуу чындык оозумда.





## МЕН ПЕНДЕМИН

Тагдыр берген арабада мен келем,
"турмуш" деген өңгүл-дөңгүл жол менен,
бирде күйүп кайгы басат көңүлүм,
бирде күлүп ийгиликке жетишем.

Баары кызык: көргөн, уккан, билгеним,
баркын сезип, чын-жалганын иргедим.
Пендемин да макул болбой жашоомдо,
пешенемден акыйкатты издедим.

Колдоп келет көп досторум түшүнүп,
кордоп кетет кээси күлүп түкүрүп,
мен пендемин, өзүм билген чындыкка,
бара берем калбайм андан түңүлүп.

Баягы эле турмушумда мен келем,
бакыт издеп тагдыр берген жол менен.
Бирде күйөм, бирде күлүп сүйүнөм,
билем, бирок, жашоо сырын изденем.

## КОЁ АЛБАЙБЫЗ ТИРИЛТИП

Бул күн бүтөөр, кеч да кирип, таң атаар,
эртең келип, жаңы бир күн жаралаар.
Ай айланат, жылга толуп такалып,
билинбестен өмүр өтүп карытаар.

Жаштык өтүп, башта чачың агараар,
сулуу жүзүң бырыш басып карараар.
Өмүр бүтсө биз кетээрбиз дүйнөдөн, .
бул жалганга дагы бирөө жаралаар...

Табигаттын мыйзамына баш ийип,
тагдыр, турмуш өтө берээр ушинтип...
Эскеребиз өткөн мезгил, а бирок,
коё албайбыз өткөндөрдү тирилтип.

*19.08.2021*

## ЖАЙ МЕЗГИЛИ КАККЫЛАЙТ

---" Тук...тук досум, жай келди, не үндөбөй,
Кайда кыял жылдагы шайыр жүрмөй.
Жылда койчу максаттар кайда кетти,
Үтүрөйүп калыпсың үнсүз күлбөй".

--- "Кел... кел жайым, ырахмат сурап калдың,
Быйыл кечир, начармын акыбалым.
Үй бүлөмдө бакыт куш качып турат,
Бактым үчүн мен азыр чуркап калдым.

Ооба, алыс - жакынды араладым,
Максат коюп жетчүмүн самаганым.
Бирде миндим төө, азыр жөө жүрөмүн,
Буюрса эми, оңолуп калар табым.

Ооба жайым, Жараткан оңун берсин,
Үй бүлөмө жакшылык жолун берсин.
Аманчылык, тынчылык заманымдан,
Баарыбызга Кудайым орун берсин."

*06.06.2023. Екатеринбург.*





## САГЫНАМЫН

Сагынамын Мекенимдин көк асманын...
Кереметтүү талаа, тоодо жөө басканым.
Аба таза, тунук булак... дем-күч алып,
ак мөңгүлүү ашууларын көп ашкамын.

Сагынамын айылымда таң атканын,
жаңы күндөр жарык маанай жаратканын,
шайыр мүнөз кобураган коңшуларым,
шашып баары иштер менен баратканын.

Сагынамын селкилердин ай жамалын,
саамайынан салкын желдин аймаганын,
кубалашып жаш балдардын ойногонун,
курбу кыздар боз уландар жандаганын.

Сагынамын апакемдин ысык нанын,
"тур уулум"-деп, чай -каймакка чакырганын.
Азыр дагы даамы кетпейт нан, каймагы,
а бирок жок, апам менин асыл жаным.

Сагынамын жамгыр шоокум ырдаганын,
жаш өмүрдү алгач сүйүү "сыйлаганын",
Ак жамгырга кошуп үнүн асыл селки,
ашыктыктан кучагымда "ыйлаганын".

Сагынамын, айланайын бала чагым,
чаң ызгытып тар көчөдө чуркаганым,
түйшүгү жок, таза көөдөн баёо дүйнөм...
Түшкө кирип, сагыныпмын, уктабадым.

## ЭЛЕСТЕР ЖҮРӨКТӨРДӨ КАЛАТ ЭКЕН

Удургуп, уйгу-туйгу кагасың да.
Уурдалып убакытка барасың да.
Даам татты ырыскыдан кош жүрөктөр,
дареги махабаттын талаасында.

Арнадык түркүн саптар сезимдерге,
ажайып сүйүү даамы берилгенде.
Түгөйүн тапкан жүрөк сүйүнүчтү,
түбөлүк калды биздин сезимдерде.

Карадык артта калган жыл-айларды,
кайрылып канча сонун ыр арналды.
Туш келип унутулган эски саптар,
тутантты жаштык канат кыялдарды.

Жалындап өткөн күндөр эске түшсө,
жаштыктын өчпөс чогу жанат экен.
Элүүгө, алтымышка барган менен,
элестер журөктөрдө калат экен.
*17.04.2023.*

## ЖАМГЫРЛУУ КҮЗ КЕЧИ

Көргөн сайын чогуу түшкөн сүрөтүң,
сагынычтан элжиреди жүрөгүм.
Жетким келет айлуу түндө азыр да,
бирге сезип, жашоом... ар бир мүнөтүм.





Эсиңдеби жамгыр төккөн кечки күз?
Жүрөк эргип, түнкү кафе, экөөбүз.
Түн бир оокум шыңгыр тийип бокалдар,
түшүнүштүк сезимдерди үн-сөзсүз.

Көөдөн эргийт, көңүл ачып музыка.
Көпчүлүк эл, күлкү, шаңдуу тамаша.
Бирок чиркин, эч ким жоктой ээн-эркин,
биз экөөбүз бийге түштүк жанаша.

Ошол сезим, ошол кымбат мүнөттөр...
Ошондогу жаштык деми, сүрөттөр...
Эргүү толгон жамгырлуу күз кечи эле,
эстеп калды түбөлүккө жүрөктөр.

## АЯП КОЙЧУ

"Жарк" эткениң жамалыңа жарашат,
Жан сулуум ай суктанышат, карашат.
Жагымы күч булак шыңгыр күлкүңө,
жан дүйнөм ов, суусун канбай баратат.

Жакын барсам махабаттын аптабы.
Жалындуу тап жүрөгүмдү каптады.
Айта албайм, жалдыратпай көздөрүн,
аяп койчу агатайың сен дагы.

"Сен" дегенде сезимдерим асылым,
серпилет ов, саптар тизип "акының",
Көз караштан жылый түшөт жүрөгүм,
көргөн сымал көңүлүнө жакынын.

*10.02.2023.*

## АЗАБЫМ

Эртелеп айтсаң саламды,
Эми мен күндөй жанамбы?
Сезимим билбейм серпилет,
"сен" деген азап, санаамбы?

Кайрылып жаштык андагы,
калбайт ов, көөдөн арманы.
Сыгылып жүргөн жүрөктү,
сүйүүнүн урат аптабы.

Жанданды үмүт далалат,
жан сезим сага аманат.
Жарашпайт курак, кантейин,
Жаштыгым узап баратат.

Жанашса ойлор сүйүнөм,
жаркырап болгон дүнүйөм.
Кеткени келип аттиң ай,
кечиккен белем сүйүүдөн.

Сонун бир сүйүү кылдарын,
созултуп чертип, ырдадың.
Сүйүлүп бүткөн жүрөктү,
сүйүнтүп неге кыйнадың...?

Бар болгун дайым чырагым,
бактылуу кылсын Кудайым.





## АРНОО ЫРЫМ

Алысмын, бирок жакын сезимдерим,
Ашыкмын, бирок ачык сездирбедим.
Атылып чыгып жаткан эргүүлөрүм,
аппагым сени издеди, сени издедим.

Керемет, карегиңден кагылаарым,
Керилген келбетиңе багынамын.
Ар түрдүү жайнап турган гулзардагы,
ажайып жыпар жытың сагынамын.

Сурабайм кандай, эмне жашоо сырың?
Сунулган барбы сезим, арзуу ырың?
Жашоодо каалайм дайым бакытыңды,
жазам го эчен сага арноо ырым.

*31.01.2023.*

## ӨЗҮМДҮ АЛДАЙМ

Жаныңа жарытылуу барбаптырмын.
Өзүмдү жакындатпай кармаптырмын.
Эх, ушул уялыңкы кыялымдан,
канча ирет бул турмушка алдаттырдым.

Койчу - дейм, алаксыба карбаластап,
карегим издегенде сени карап.
Айбыгам, сен бирөөнүн сүйүктүүсү,
"алыста жүргүн"- деймин, намыс сактап.

Ачыгы бир күн кечке чыдай албайм,
ашыгып сезимдерим көзүмдү албайм.
Каерде, эмне жаздың издейм, бирок,
"кой эми, туура эмес"- деп, өзүмдү алдайм.

*26.12.2022.*

## ЖАЗАЙЫНЧЫ

Көп күндөр элестеткем ачылуумду,
көзүңө айтам го деп тартылуумду.
Качанга айбыгамын ырларымда,
күтпөстөн жазайынчы бар арзуумду.

Түшүнсөң түшүнөөрсүң сага деген,
түгөнгүс сезимдерим арнай берем.
Түйүнүн чечээр бир күн бизге келээр,
түбөлүк болбосок да сени менен.

Көргөндө дирилдеген бүткүл денем,
көмүскө жерди издеп, үнсүз келем.
Элжиреп, жараланып ички дүйнөм,
эргүүлөр оргуп чыгат сага деген.

*26.12.2022.*





## КЕЧИККЕМ

Кээ-кээде жазып коём капа болбо,
кечиккем билем сенден, айла жок го.
Элесиң кучактаган агатайың,
эстеп кой, сулуу айым, ай толгондо.

Кезегин күткөн мезгил келген сымал,
кезигип калсак бизден качпас амал.
Эстебей качан - дебе, кыялымда,
элесиң кучагымда сулуу жамал.

Таберик менден сага көп саптарым,
там берип сулуулукка жаратайын.
Тамаша, чын аралаш жооп бераэрсиң,
таң калып оозун ачса агатайың.

*26.12.2022.*

***

Кимдир бирөө махабаттан чыйралат,
бирөөлөр бар жүрөк сыздап кыйналат.
Кээлер ойноп сүйүү баркын билишпейт,
айрымдары эргүү менен ыр жазат.

Таза сүйүп бирин-бири кыйнабай,
жашаган бар өз энчисин тың карай.
Тегиз жерден өңгүл-дөңгүл издеген,
бири жүрөт сезимдерин сыйлабай.

*23.12.2022*

## СУЛУУЛАР САКТАЙТ ЗАМАНДЫ

Таң эрте нур төгүлүп тийип турат,
тамылжып көңүл шагын ийип турат.
Эркелеп салам айткан сулуу орду,
эргитип, жүрөгүмдө бийик турат.

Жазганы узарткандай өмүрүмдү,
жагымдуу, чындыгымбы, төгүнүмбү?
Ажайып адеми кыз, айдай сулуу,
ар сабы ачып турат көңүлүмдү.

Суктанып сулуулугун карай берем,
сумсайып жаштыгымды эстеп кетем.
Атайын бата берсем туура болоор,
арнаган саламына "шүгүр"-деген!

Жашообуз жайнай берсин жана дагы,
жалпынын аткарылып самаганы.
Суйсалып бир керемет эргүү берип,
сулуулар сактап турат замананы.

## АДАШПАЙ ТОКТОЮНЧУ

Жагымдуу жайдын таңкы шамалындай,
жанашып жеңил басып үйрөнөйүн.
Жай гана кулумсүрөп капа кылбай,
жактырдым назик карап сүйлөгөнүң.

Көбүрүп көөдөндөгү бурганагым,
көгөрүп сезимдерим туралбадым.





Каректе сүрөттөлүп ай жамалың,
көңүлүм башка жанга буралбадым.

Аңдабай көңүлүңдү мага деген,
алыста жүргөнсүймүн айланчыктап,
Алдабай кыялымды сени издеген,
адашпай токтоюнчу сага ыктап.

*10.07.2022.*

## ЛИРИКАНЫ СЕНДЕН ҮЙРӨНӨМ

Кайрыктарың окуганда торгоюм,
кайырмакка илингендей боздодум.
Тирүү саптар учуп кирип жүрөккө,
Тилип өтүп күчөттү ов, толгоосун!

Сулуу бийкеч сүйүү сырын созосуң,
сурабачы махабаттын жобосун.
Сезимдерге ырың менен чок салып,
жүрөгүмдө түбөлүктүү болосуң!

Саптарыңа окуганда өбүлөм,
сүйүү толгон сезимдерге чөмүлөм.
Жарым кылым өтсө дагы үйрөнөм,
лириканын шыңгыр булак төрүнөн!

Кайрыктарың созгон сайын торгоюм,
Кантейин мен абазында толкудум.
Таамай сөзүң жүрөк кылын черткилеп,
Таң аткыча тостум сүйүү толкунун.

## АГАҢА ЖАГАТ

Көздөрүң сонун ирмелет сулуум,
көөдөнүм көзөп, тополоң курдуң.
Антпечи асыл, караба чочуп,
агаңа жагат күлүп турушуң!

Түн уйкум бузуп көңүлгө кирдиң,
түпөйүл сүйлөп, жүрөгүм тилдиң.
Антпечи сулуум, чочутуп алба,
агаңа жагат сенин бал тилиң.

Шайыр жүрөсүң учуп сезимиң,
шамал сыяктуу мүнөзүң сенин.
Антпечи сулуум, учуруп кетпе,
агаңа жагат жумшак пейилиң.

*22.06.2022. Ош*

## СУЛУУГА ЖООП

Тагдыр татаал каалагандай өлчөдү.
Тар жашоого эркин сезим көнбөдү.
Жибитти го көкүрөктү эритип,
жиптей тизген саптар мени өрттөдү.

Айтуу кыйын ачып сүйүү эшигин,
ачуу тиээр, балким абал, келбетим,
"Эх агатай, ылайыгын изде" - деп,
эсиртсеңчи, анда жаным не дедим?





Алтынымсың, жүрөгүмдө сактайын,
айдай жүзүң профилде тактайын.
Ыр саптарың жүрөк эзип кыйнаса,
аргасызмын, мен да үнсүз ырдайын.

## ЭХ СУЛУУЛАР

Эх сулуулар, сонун жансыңар,
бийик бизге кадыр-баркыңар.
Караңгыда калсак карайлап,
"кашын каккан" шоола айсыңар.

Эх сулуулар, чүрөк жансыңар,
ээси силер, жүрөк тактыңар.
Арзуу толгон жылуу сезимде,
ачык болсун таалай-бактыңар.

Эх сулуулар, кереметсиңер.
Түнкү асман жылдыз теңсиңер.
Жете албай таазим кылганга,
Жерге жакын түшүп келсеңер.

Эх сулуулар, силер гүлсүңөр.
Эң жагымдуу шыңгыр күлкүңөр.
"Жыттасам"- деп жытыңа жетпей,
"жыгылганды" аяп жүрчүлөр.

*19.01.2023.*

## БИР ӨМҮР

Учураштым секелек кыз мончоктой,
угуп жүргөм, акыл эси чоңдордой.
"Келечеги кең болсо экен"- деп тилейм,
Кыргызымдын чыгаан кызы болгондой.

Шахмат ойноп көпчүлүккө көрүнгөн,
шаар ичинде "түзүк"- дешет, көбүнөн.
Таанычумун атакесин мурдатан,
бирге окуп, бирге ойноп, бир жүргөм.

Жаш кезибиз чогуу ойноп күлчү элек.
жашоону биз даамын татып, сүйчү элек...
Аты Айдар, көп сүйлөбөй түнт эле.
Ал жашынан футбол ойноп жүрчү эле.

Бала чактан кыйынчылык көп көрүп,
Багы жок бир, татаал жашоо өткөрүп,
ата-энеси баласына кош көңүл,
арак иччү күнү-түнү бөктөрүп.
Жөнөтүшүп "арак алып келгин" - деп,
Түнү уулун дүкөн жака эп көрүп.

Айласын таап дүкөнчүдөн суранып,
алыс-жакын дос-туугандан уялып,
алып келчү ата-энесин сүйүнтүп,
арсыз жаны арман ыйга ууланып.

Эрте менен кээде ачка, ток болуп,
мектебине барып, кээде жок болуп,





калеми жок, жыртык өтүк бутунда,
канча достор кемсинтишти шоктонуп.

Келгиси жок үйүн көздөй, кут качат.
Кээде урат, же өздөрү мушташат.
Иши да жок бала менен, ай аттиң,
ичип-чычып калган жерде укташат.

Санаа тартып, тынчтык эңсеп ой менен,
сарайына көрүнбөгөн жол менен,
кирип алып кучакташып уктачу,
кык аралаш майда жандык, кой менен.

Уялса да нан,курутту башкадан,
уурдап чыгып, далай көзүн жаштаган.
Алыс барып суугa салып жеп алчу,
ашказаны ооруганда ачкадан.

Атакеси иштегенге жарачу,
"акыбалын" чоң мончонун карачу.
Ичкен гана кемчилиги болбосо,
иши жакшы, жетекчилик баалачу.

Айлык алып келген күнү жагына,
ала келчү таттууларды дайыма.
"Жакшы көрөм мен баламды" - деп койсо,
жаш баласы чыкпай келчү жанына.

Андай бакыт аздан кийин ташталчу,
арак ичмей, ызы-чуусу башталчу.

Караң калгыр кайгы салып айлыгы,
каректерин ачуу, арман жаш чалчу.

Анан кантет, ачуу турмуш азабын,
арак менен чечилгендей карашчу.
Баары жаман, баары акылсыз көрүнүп,
өз ойлорун "эң туура"- деп самашчу.

Апакеси чоң көчөнүн боюнда,
ашканада, идиш-аяк колунда.
Анча-мынча ашып калган тамактан,
ала келет, Айдар күтөт жолунда.

Соо учурда кийим-кечек тазалап,
"Айдар үчүн эми ичпей жашайм" -деп,
Анан уулу жүрөк жылып, элжиреп:
"ааламда жок менин алтын апам" - деп.

Андай күн аз, баягы эле көрүнүш,
азап-кайгы, баштан аяк көңтөрүш.
Бир жуманын эки күнү соо болсо,
калган күндөр арак, уруш, төңкөрүш...

Эрди-катын миң жарашып урушчу,
эки мүнөт келбейт чыдап тургусу.
Эмне кылат, аргасыздан чыдачу,
эптеп өтчү жашоого окшош турмушу...?

Айдарынан башка бала көрбөгөн,
айып көрүп өздөрү эмес, өзгөдөн.





Эртеңкисин эч кимиси ойлобой,
эч бир максат жок эле да көздөгөн.

Келечектен күтүп үмүт үзүлбөй,
көп жүрүшкөн ичте эч нерсе түйүлбөй,
Чуркап түрдүү "кеңештерге" акыры
Түңүлүшкөн бул оюнан бир өңчөй.

Бара-бара унутулуп баягы,
"бап" келишип жеңип кетти арагы.
Эркек-аял, коло-коңшу баары ичет,
эл катары өткөнсүйт го заманы.

Татаал эле жашоо чындап андагы,
токсонунчу жылдар, чыгып "бардагы",
Ичип жүрчү көчө бойлоп аралаш,
катын-эри, чалдар менен балдары.

Байкуш Айдар мээси деле катыган,
балалыгы өттү көздөр жашыган.
Өзүн-өзү алаксытып дайыма,
футбол ойноп, күчтүү чыкты жашынан.

Мектебин да, аяктады "сыртынан",
мээнет кылып иш издеди шаар жактан.
Курулушта ак эмгектен тер төгүп,
курбу-достор нанын тапты ар жактан.

Эл катары жашаганга кулпунуп,
"эркекмин го, үй курам" - деп умтулуп.

Күнү-түнү эки эсе иштеди,
күчү бар да чарчаганы унтулуп.

Көз алдынан ай-жылдарды жол бөлүп,
көп достору үйлөнүштү той көрүп,
Үй курушуп, эки-үчтөн балалуу,
үмүт өчпөй, көнүп калган бой жүрүп.

Жеке жашоо оңой деген ой болуп,
"жер алайын, үй салам" - деп толгонуп,
жакшы жарга оңу келсе үйлөнүп,
"жашасам"- дейт эл катары оңдонуп.

Ал аңгыча кабар келди айылдан,
ата-энеси өттү күйүп жалындан.
Баш калкалаар үйү дагы өрттөндү,
баары кетти ичкиликтин айынан.

Караңгы түн, кыйын болду бир башка,
канткен менен өз апасы, өз ата.
Ыйлап-сыздап кала берди кайгырып ,
"ырайымсыз бул жашоо"- деп, сөз айта.

Айттыгы өттү, жылдыгы да бүттү эми,
ата-энеси эзди бирге кеткени.
Калган-каткан буюм-тайым чогултуп,
кайра келди ишке ошол жердеги.

Үй-жайы жок, жетише албай жүдөдү,
үшкүрүнүп, же жатаар жок түнөгү.





Көөдөн зилин арак менен бөксөрттү,
көп кайгыга чыдай албай жүрөгү.

Арак ичип андан бетер жүдөдү.
Аргасы жок кимге коёт күнөөнү?
Ичип жүрүп, жатакана ичинен,
илээштирди "жакшы кыз" - деп бирөөнү.

Өзгөчө бир көңүл ачуу жакшыдай,
өңү-түсү пейили да, жакчудай.
"Бир ай мурун бирөө ала качкан"- дейт...
Биригишсе бирин-бири бакчудай.

Макул болуп бул турмушка Айдар да,
моюн сунуп тагдыр насип жазганга.
Эптеп эле ушул кызга үйлөнүп,
эл катары бүлө күтүп, жашаса.

Аты-жөнү ал кызыбыз, Зарина,
Ал да макул турмуш кошкон багына.
Той кылбастан, нике кыйып коюшмак.
кийинчерээк кабар айтып баарына.

Келишишти ушул ойду "туура" - деп,
"кем-карчысын дос-туугандан сура"-деп,
Бата алды, никелерин кыйышты,
"балалуу бол, турмуш жолун ула"-деп.

Бир бөлмөлүү жатаар жерин табышты,
бүлө куруп, бирге жашап калышты,

Унутулуп кыйынчылык бир азга,
уят болбой тың жашоого жарышты.

Шумпайланып Зарина да өзүнчө,
шымчан жүрөт тышта, иште көбүнчө.
А Айдарга бул көрүнүш жагымсыз,
айтчу болду ачууланып сөгүнө.

Заринанын түшүнүгү башкача,
заарын чачты ызырынган Айдарга.
"Эмдигиче мээң сенин эскиче,
эркек менен бирдей заман аялга".

Аздап кызып үйдө уруш күчөдү,
араздашуу ортодогу бүтпөдү.
Айдар үчүн кыйын болду көнүшүү,
алсыз болду, аялынан жүдөдү.

Айла жок да арман ичке толтурду.
Арак ичип, ачууланган ой турду.
Заарын төгүп, көкүрөк зил чыгарып,
Заринаны күтүп коюп олтурду.

Шамга жакын кирип келди Зарина,
шайыр-шатман, арак жүрөт колунда.
"Келчи жаным, жашайлычы урушпай,
кийлишишпе, койчу мени оюма".

"Мына арак ичесиңби, куй баарын,
макул-дечи, укчу арман сырларым.





Маани берип, мени туура түшүнгүн,
маңдайыма жазган куурал-жыргалым".

Эми Айдар Заринага муюду,
эки стакан арак толуп куюлду.
Эзилишип, таарынычтар жоголуп,
эми булар бир туугандай туюлду.

Аялы эми сөз баштады: " Сүйүнчү!"
"Айдар менин боюмда бар, түйүлдү.
"Күнөөлөрдү кечир ушул бала үчүн!"
Күйөө байкуш чын дилинен сүйүндү.

Өзгөчө бир бул Кудайдан чоң белек,
өз баласын эми басат жетелеп.
Мас аралаш, мыйыгынан күңк этти:
"мага эмне билдирбедиң эртерээк?"

Көлкүлдөдү, көзү кетти уйкуга,
Көрүнгөнсүйт бала чагы туюмда.
Качып жүрөт мал сарайда мастардан,
караңгы түн "өлдүм го" - деп, тутулса.

Эрте менен башы ооруп, ойгонду.
Элжиреди, айткандарын ойлонду.
"Алкаштардын үй бүлөсү атанбай,
Аракты мен таштап эле койсомбу?
Эми мына, төрөп калса Заринам,
эркелетип жакшы ата болсомбу?"

"Өзүм өстүм ичкендердин үйүндө,
Өкүнгөндө, эмне пайда көңүлгө?
Үмүт кылып жакшылыктан эми мен,
үй бүлөмдү карайын бир өмүргө.

Маңдайыма эми бөбөк төрөлсө,
мага окшоп, качып жашап чоңойсо,
Заманамын куурулганы ошо го,
зар какшатып балалыгы жоголсо!"

Ыйлап-сыздап жетишпеген куу турмуш,
ыгын билбей же табылбай бир жумуш.
Бөтөлкөдөн куйду арак аягын,
бөтөнчө эле, өзүн сезди бир укмуш.

Бара жатты түрдүү ойго чүмкөнүп,
бирде күлүп, бирде көңүл бүркөлүп.
баягы эле курулушта жумушу,
бул иши да бирде болбойт, бир болуп.

Төрт көчөгө жеткен кезде бастырып,
түш жагынан чыкты автобус шаштырып.
Капталынан келип урду бир КамАЗ,
кайран өмүр, бүт денеси жанчылып.
Арман кылып, ачуу айтып заманга,
Айдар калды кулак- мурду кан чыгып.

"Элестеди өз айылы, апасы,
ээрчиткендей колун сунат атасы.
Сагынышып көрүшкөнү баратат,
санаасында ата-энеси баягы.





Экөө тең соо, күлүп карап турушат,
эркелетип, көңүлдөрүн бурушат.
Баягысы ошондо да эсинде,
барбай койсом экөө мени урушат".

Кайран тагдыр, кайран жашоо жоголгон.
Көрксүз өмүр, ач заманга тонолгон.
Аргасыздан куу турмушка баш ийип,
аракечтен аз экен го оңолгон.

Арак ичип, алсыз жашоо турмуштан,
айласы жок, канча өмүр жок болгон?
Караңгыда жол көрсөтөөр көсөм жок,
канча жүрөк мээрим сезбей токтолгон?

Акылдуу кыз шахмат туусун көтөргөн,
Атакесин ардак тутуп... төрөлгөн.
Заринанын иши жакшы оңолуп,
замананын мээримине бөлөнгөн.

Бирге жашап жатакана баягы,
бир күн калбай эстейт экөө Айдарды.
Капыстыктан өчтү, кетти бир өмүр,
ким түшүнөт, кимге айтат арманды...?

Атасына окшош куюп койгондой,
акыл эси кадыресе чоңдордой.
Айтып бердим, атасынын "тарыхын",
"Легендарлуу бир футболчу" - болгондой.

Кээ бир жери туура кабыл алынбай,
келип кайра мени менен барындай...
Айдар турду көз алдымда сүйүнүп,
айтканыма "ыракмат" -деп, таарынбай.

Атактуу бир футболчу уул кор болбой,
аалам кезип бир көрүнүп койгондой...
Ал чынында эң татыктуу дос эле,
айтып бердим бүт болгонун "болгондой" .

"Айдар досум футбол чебер эле" - деп,
айта бердим кошуп көңүл оорутпай.
Аяш кызым, болсо экен бактылуу,
ата сыймык, мен чыгарган "оюмдай"

"Кыргызым!"-деп, эл ичинде макталып,
кызыл тууну желбиретип, барк алып,
атасынын орундалсын тилеги,
Жүрсө экен сүйүндүрүп даңкталып.

## КЕЧКИ ЫСЫК-КӨЛ

Ажайып кооз салкын кечи, ак таңы.
Айтып бүткүс акындардын дастаны.
Ашыктыктын аруу, таза символу,
ак куулардын сүзүп бара жатканы.

Жалтылдаган көлдүн бети керемет,
жайдын кечи, өзгөчө бир түс берет.





Жалындаган жүрөктөрдөн от сезим,
жаралгандай сүйүү үчүн сезилет.

Жымыңдаган жылдыздары кечинде,
жылмайгандай жылуулугу сезимге.
Кезек менен чакыргансыйт толкундар:
"келчи мага, тартынба" - деп деминде.

Ай жамалы шоола чачып тигилип,
айлана бүт күмүш шайы кийинип,
көл жээгинде жеңил шамал чуркаса,
көңүл куунак "кымча бели" ийилип.

Арылгансып ар кыл илдет, оорулар.
Ачылгансып асыл максат... жолу бар.
Айлана кооз дем-күч берип жашоого,
ар курактын жагымы зор доору бар.

Тирүүлүктүн даамын татып өзүбүз,
түбөлүктүү болсун сулуу көлүбүз!
Сезимдердин сересинде серпилип,
сен жөнүндө болсун улуу сөзүбүз!

## АЛА ТООЛУК КЫРГЫЗМЫН

Мен Кыргызмын, Кыргыз каным тамырлайт.
От жүрөгүм "Кыргыз" десем жалындайт.
Аалам элин бүт кыдырып чыксам да,
Ала-Тоолук Кыргызымдай табылбайт.

Элим Кыргыз, байыркыдан эгемен!
Эркин жашап Азияны жердеген.
Илгертеден каганаттар орнотуп,
из калтырып хан көтөрүп келишкен.

Баатыр элдин чыгаандары көп болгон,
бак-таалайын кас- душмандан коргогон.
Ченебеген эрдиктерин эскерип,
чебер чегип таштан балбал орноткон.

Ата бабам айтып келген байыртан,
атам Манас атак-даңкы жаңырган.
Айтма акындар ооздон оозго көчүрүп,
аалам билген эпос болуп жаралган.

Көктөн тилеп, учуп- тийип жашынан,
көчмөн элин, душмандардан сактаган.
Кыйынсынган Рим элин коркутуп,
"Кыргыздардан чыккан"-дешет, Адылхан.

Түмөндөрүн ыгы менен башкарган,
түрк элдери чогуу жоого аттанган.
Түп Кытайды, Азияны чаап алган,
таза көчмөн бизден чыккан Моде хан.

Болгон күчүн чогултууга арнаган,
баарын түздөп, чоң каганат кармаган.
Бүт Шиберде айкын башчы атыккан,
Барсбек каган каны таза Кыргыздан.





Акылсызды кууп түшүп тактыдан,
Азияны, Шибер... бүтүн алышкан.
Адилет чоң империя тургузуп,
Алп Ынанчу баатыр чыккан Кыргыздан.

Чынгызханга ишааратын айта алган,
чочуп коркпой элин, жерин кайтарган.
Чагылгандай намыс үчүн жан уруп,
чечкиндүү да бийлер чыккан Кыргыздан.

Баатырларча коргоп элин калмактан,
басмырлантпай, жерин тосуп душмандан.
Кайрылса да ар намысын бербеген
Курманбектей уулу чыккан Кыргыздан.

Монголго да, оруска да алдырбай,
менчиги элдин Алтай жерин саттырбай.
Чыгаан уулу Иренек хан кайтарган,
"Чыккан"- дешет, кең Алтайда Кыргыздан.

Оролошуп урууну уруу талашкан,
орто жолун таппай Кыргыз кыйналган.
Ошол учур туу көтөрүп элиме,
Ойчул, баатыр чыккан экен Ормонхан.

"Кайран эл"- деп, кайрат берип талпынган.
Кокон ханын сөзгө сайып качырган.
"Калк тынчтыгы, тик карагын өлүмгө!"
Курманжандай кызы чыккан Кыргыздан.

Айла кетип уруу уруу уруштан,
аргасыздан, Кокон ханын тургузган.

"Айтаар сөзүм, бириктирем элди"- деп,
Алымбектей датка чыккан Кыргыздан.

Кокон ханы алы күчүн жоготкон.
Кыргыз, кыпчак оор абалда бараткан.
"Кыйын кезди өз мойнума алам"- деп,
Кыргыздардан чыккан экен Болот хан.

Моюн бербей коммунисттик кысымга,
"жашайбыз"- деп, эркин көчмөн ыгында.
Жапырт улут боштондугун көздөгөн,
Жаныбектей казы чыккан Кыргызда.

Жаштайынан ак эмгектен качпаган.
Жамаат кылбай бүтүн элди сыйлаган,
Жалпы Кыргыз ар-намысын бек тутуп,
журт башчысы Исхак чыккан Кыргыздан.

Дүйнө элин калем менен таң кылган.
Далай эмгек урпактарга калтырган.
Дүң келсе да баарын кошсо күчтүүрөөк,
дүңгүрөтүп Чынгыз чыккан Кыргыздан.

Эл-жер үчүн жаны күйүп ачынган.
Ээн жерлерден эбин таап чыга алган.
"Эстүү хан"- деп, бүт дүйнөгө таанылган,
эрктүү уулу Рахманкул да Кыргыздан.

Айта берсек айкөл , баатыр саны көп.
Алпы да көп, акыны көп, ханы көп.
Ала-Тоодой бийиктигин аныктап,
ар-намыстуу уул кыздары дагы көп.





Гүлдөй берсин Кыргызстан эгемен.
Гүлдөй берсин кылымдарга Жер энем
Эл жериме каалайм бакыт, тынчылык,
эбегейсиз мейкиндиктей ээлеген.

Кыргыз элим тамыр жайып тарашсын!
Кылымдарга улуу тоодон таң атсын!
Улутумдун улуулугун тастыктап,
уул-кыздары улуу эмгек жаратсын!

Кыргыз демин көрдүм, билем, айта алам.
Кыйындыгын карт тарых да тактаган.
Барсбек, Манас, Исхак атам... тарыхым,
баш көтөрүп кайда жүрсөм мактанам.

Мен Кыргызмын, Кыргыз туусун кармаган,
Мекен үчүн бир өмүрдү арнагам.
Ата мурас, бабалардан таберик,
Ала-Тоону байыр алып тандаган!

## КАСИЕТТҮҮ ЫЙЫК КӨЛДӨН СУРАНЫП...

Көл жээгинде бир карыя олтурат.
Көңүлүнө көп ойлорду толтурат.
Толкун сымал ашып-ташып айтылбай,
толгонуудан жан дүйнөдө ой турат:

"Ысык-Көлүм, касиетиң күчтүү го,
ырым кылып кулак түрчү сөзүмө.
Сага келип, бөлүшөм да сырымды,
Сенден кайра дем-күч алам өзүмө.

Жакшылыгым, жамандыгым, көрүнөө,
жайланышты тагдырымдын төрүнө.
Жараткандан касиетиң суранам,
жай жашоомо себеп болчу өзүмө.

Жыпар жыттуу гүлүм менен жайнаган,
жымжырттыкта жел кайыгың айдагам.
Алыс сүзүп ажайып кооз жээгиңден,
арзуу кылып аруу сүйүү арнагам.

Пейилиң кең, себеп болуп жөрөлгөң,
перзентим да ушул жээкте төрөлгөн.
Периштелер бата берип койгондой,
пешенем да келген сайын сүйүнөм.

Өзгөчө бир Ысык-Көлүм сагынам.
Өмүр тилеп Жаратканда жалынам.
Адилеттүү чындык жашоо, теңчилик,
Ак тилекке тилектеш бол баарынан!

Кыйынчылык заман келди элиме,
кыйналгандар көбөйгөнсүйт жеримде.
Тартуу кылгын токчулук да молчулук,
татаал жашоо болбосунчу деги эле.

Канча момун касиеттүү айыккан.
Канча жүрөк сүйүүлөрүн табышкан.
Канчалары капалыгын унутуп,
көл боюнда түбөлүккө жарашкан.





Канчалаган улуу заман ойчулдар,
көлдү жээктеп эмгектерин жазышкан.
Канча адам турмушунда бактысын,
касиеттүү Ысык-Көлдөн табышкан".

Кебин бүтүп бир карыя олтурат,
көөнү тынбай көзгө жашын толтурат.
Көл толкуну жайылгандай жээгине,
көкүрөктө көлкүлдөгөн ой турат.

## ЫРДЫН ПИРИ ЫРЫСПАЙ

Ырыспай аке, кандайсыз?
Чыныгы дүйнө, жайдасыз.
Шоокуму абаз ырдасыз,
шооласын төгүп айдасыз.

Эстейбиз "мында" баарыбыз,
кантти экен акыбалыңыз?
Кабырдан жарык нур чачып,
бейиштик болсун жайыңыз.

Ак эмгек кылып келдиңиз.
Байлыгын ырдын бердиңиз.
Куранын сизге багыштап,
дубасын кылат элиңиз.

Ылгайын, четтен тандайын.
Ырымды сага арнайын.

Обонуң сенин тизмектеп,
эстеген сайын жазайын.

Абаздан кантип сүйөөрүн,
айтып бир турду жүрөгүң...?
Сулууларга, эл, жерге,
таап бердиң ырдын түнөгүн.

Жаштыгың кезип баштадың,
"Махабат"- сүйүү дастанын.
Өзүңдүн айткан гулбакта,
булбулдай болуп сайрадың.

"Айтсаң боло", "Ак кайың",
башынан созуп ырдадың.
Кайыңдан обон созулуп,
сезимдин чертти кылдарын.

"Бото көз" менен "Кымбатым",
канчасын боздоп ыйлаттың.
Махабат жолун бапестеп,
элжиреп жүрөк жыргаттың.

"Алмашымды" укканда,
аңтарылды жан дүйнө.
Элестеп, көрбөй көз менен,
теңеди сизди ай, күнгө.

"Сагынуу" жаңы чыкканда,
санаалар жагым жаралды.
Алышып орун жүрөктөн,
аралап кетти ааламды.
"Издеймин сени" дегенде,





"издедик" түгөл тизилип.
Биз менен бирге жүрүштү,
улуттар коңшу биригип.

"Ак толкун" болуп көрүнүп,
журдүбү сага "Периштең"?
Бизге да сүйүү ошондо,
ак толкун болуп сезилген,

"Алтынчы күнү кечинде",
орноду элдин эсинде.
Шерттешчү болду сүйгөндөр,
алтынчы күнгө кечкиге.

"Биз экөөбүз" күүлөдүң,
сүйүүгө арнап жүрөгүң.
Жаңы туулган перзентке,
окшоштуруп сүйгөнүн.

Суйгөнүңдүн артынан,
"Кылчактап неге карадың"?
Көз менен карап узаткан,
чыгарманы таппадым.
Мындай терең маңызды,
Ырыспайдан туясың.

"Таанышыңдай карагын,"
берилип угуп саптарын.
Издечү болдум түшүмдө,
Ырыспайдын айтканын.
"Эсиңдеби" бир чакта,

таркап кетти бүт калкка.
Окшоштурдуң чүрөгүң,
балбылдаган чыракка.

"Жолугуп мага бекер сиз",
дайыма ырдап бересиз.
Ушул ыр айткан сүйүүнүн,
дарегин таппай келебиз.

Күйгүзүп сүйүү табына,
"Жүрөктү кетпе жаралап".
Канчасы сыздайт азыр да,
бул ырда канат сабалап.

Сары оору болуп ырдадың,
" Сагынып туулган жериңди".
Ырдатып койдуң түбөлүк,
ышкыбоз, ырчы элиңди.

Мактоого татып "Түгөйүм",
күнү-түн ырдап сүрөдүң.
Билипсиң элиң эскерип,
дагы да ырдап жүрөөрүн.

Ыр обон пири Ырыспай,
таланттуу белең ушундай.
Кыргыздын болдуң Шуберти,
тапталып учкан кушундай!





Легенда болуп сакталып,
журтуңда калаар айтылып.
Көөдөндү жарган ырларың,
дайыма элде жаңырып.

"Ырыспайдай ырчы бол,
Толубайдай сынчы бол".
Бата берет элибиз,
уулдарына жайып кол!

## ЭЭЙ, ТАШ...

Бутум ооруп жүрөт, көп болду. Таяк таянып көчөдө баратып, ташка чалынып жыгылып түштүм. Алдымда музга оролуп катып калган ташты байкабай калыпмын. Ачууланып, кимди сөгүшүмдү билбей, ташты жектеп турган учурум:

Ээй, таш...
Сен ташсың үн-сөзү жок, катып калган.
Эми мен сен жөнүндө катуу айтам.
Жатасың жол боюнда ыргытылып,
жалдырап бир ооз сөзүн айталбаган.

Ээй, таш...
Сен ташсың акыл-эстен алыс калган,
жөн эле пайдасы жок калып калган.
Кубаныч же сүйүнүч сезимиң жок,
томпоюп бир элесиң калыптанган.

Ээй, таш...
Катуусуң мынча неге, таш жаралдың?
Турмушка болгон эмес эч бир камың.
Тагдырың кайда түртсө ошол жерде,
жатасың же сезилбейт эч бир "даамың".

Ойлуумун...
Томпоюп үнсүз, айласыз жаткан таш мага аянычтуу сезилип кетти.
Ташты аядым, ташка жакшы маанай кааладым, таш жөнүндө жакшы сөзүмдү айткым келди.

Ээй, таш...
Сен ташсың, билесиңби өз баркыңды?
Сен менен бекем турат бүт жер шары.
Жаралып сага ыктап баш корголоп,
жашоодо Жараткандын жандыктары.

Ээй, таш...
Пайдаң көп, жатсаң деле бул заманга,
өзгөчө акыл эстүү адамдарга.
Үй курат, жолун төшөйт, колдонушат.
Баарына, жакшысы да, жамандар да.

Ээй, таш...
Билгенге сен кымбатсың алтындан да,
келечек айтат, эмне жашырганда.
Мактоого алам сени ырларымда,
эми сен болмокчусуң кадыр баркта.

Деп көңүлүмдү көтөрүп, ташты жолдун чекесине жылдырып, күн нуруна жылуулап коюп жолумду уладым.

*30.12.2022. Ош.*





"Жаман го
иштебесе эгер мыйзам,
бийлигиң
аткарбаса сөзүн айткан.
Жаман го өзүнө
албай кемчиликти,
жамынып элге шылтап,
жооптон качкан!"

## ЗООПАРКТА

Жапайы ар кыл жандыктар,
жашашат чогуу зоопаркта.
Көнө албай бири бирине,
ызы-чуу чыгат бир паста.

Урушуп талаш көп болот,
угушпай кыйкым сөз козгоп,
кечинде баштап айтышын,
уктабай өзгө, өз болмок.

Кеч кирди маймыл каткырат.
Сагызган чыгат шакылдап.
Арылдап арстан коркутса,
карышкыр улуйт ай карап.

Ошентип уруш башталат.
Ар кими сөзүн кайталап:
"меники үнүм таза"- деп,
Чекеде эшек айкырат.

Кызыксыз болду бугуга,
уйкусу качып туру да.
Коңшусу жираф кепшөөдө,
чыкпастан ичтен бугу да.

Күндүзү көздөр кызарып,
жактырбай көздөр карашып,
бирине бири жагымсыз,
турушат араң жан ачып.

Чыдабай мындай жашоого,
карышкыр жатат чоң ойдо.
Кулагын жаап кош колдоп,
секиде аюу уктоодо.

Жадашты баары талаштан,
бирөөсү чыкпай башкарган.
Ажылдаак үнүн токтотуп,
кутурса басып кайтарган.

Арстан, жолборс, түлкүсү,
сагызган, карга, бүркүтү...
Кыйналды баары чынында,
уйку жок ар түн, ар күнү.

Түш оогон маалда алаңдап,
чарчаган тили салаңдап:
"уккула" - деди куу түлкү,
чакырып баарын сөз баштап:





"Токтотсок эми урушту.
Ызы - чуу болбой ар түнү.
Кызарып көздөр кыйналып,
Ызага баттык күндүзү.

Сагызган дагы күнү түн,
шакылдап бузат көнүлүм,
деги эле жакпайт эч кимге,
улуган үнү бөрүнүн!

Баарыбыз үчүн жагымсыз,
Эшектин айкырган үнү.
Тынч уйку болсо түнкүсү,
Иштесек болот күндүзү.

Арстанга түшүнсөк болот,
кээ-кээде кыйкырып коёт.
Аюуну айтсаң бечара,
үч күндө араң ойгонот.

Баарына саатын белгилеп,
убакыт бөлүп коёлу.
Түндөсү сөздү токтотуп,
уйкуга кана тоёлу.

Эшегиң менен карышкыр,
кыйкырса болот оболу.
Сагызган менен сүйлөшүп,
Жумада түнү бир жолу.

Тартипти сактап турууга,
башкарма кылсак уюмга,
арстан менен бүркүттү,
булардын аты улуу да".

Арстан, жолборс, аюуга,
маймылы, бүркүт, дагы да...
Түлкүнүн койгон талабы,
жагымдуу болду баарына.

Эңгиреп эшек карады:
"колдобойм шартын мындайды.
Жумасы берип күндө эмес,
тартибин тегиз кылбайбы!

Карышкыр неге жатасың?
Айтсаңчы түлкү катасын.
Сүйлөсө болот эмнеге,
Башкасы алып, убагын.
Жумага эмес, күнүгө,
кечинде алып, сааттарын".
Шакылдап чыкты сагызган,
токтобой үнү жаңырган.

"Жакпады мага мисалы,
арстандын үнү чаңырган.
Кулагым ооруп тунарат,
Бүркүттүн курган шаңынан.

Маймылчы үнүн баш кылып,
баш мээни чукуйт каткырып.





Эки күн сайын чочутат,
аюунун үнү жаңырып!"

Карышкыр туруп чыдабай,
обонун созду шашылбай:
"Эмнеге түнү улубайм,
ай чыккан маалда жайма-жай.

Күнүгө созом обонум,
нотасын жазып койгомун.
Кечкиге бир саат мен үчүн,
убакыт бөлүп койгунуң!

Бербесең мага убакыт,
каршылык тобун курам да.
Биригип келип кечинде,
айкырык салып бузам да".

Ээ-жаага түшүп тараптар,
көбөйүп чыкты талаштар...
Үндөбөй жаткан арыстан,
жагымсыз айтты: "арр-арр!"

Арстанды баары караштьі,
"чечээр"- деп биздин талашты.
Сөзгө жок кыска, кем акыл,
Алыстан сөзүн баштады.

"Арр-арр" деп үнү каргылдап,
айтааргa сөзүн адашат.

Үндөбөй койсо "зөөкүр"- деп,
"кемчонтой"- атты жамашат.

"Түлкүгө "макул" дегенбиз,
убакыт-саатын беребиз.
Эшек да туура талашты,
Макулбуз, башка не дейбиз?

Сагызган эмне бөлөкпү?
Бөлүнгөн жандар жүдөттү.
Ага да саатын белгилеп,
кечкиге, бир маал берсекпи?"

Бөлүшүп кечки сааттарын,
ар бири алды убагын.
Текшерет бүркүт баардыгын,
тартипте тегиз чыгаарын.

Аңгыча мына кеч кирди,
маймылга чындап жин тийди.
Убагын бекер өткөрбөй,
чыйылдап кулак тешиди.

Бүтө элек маймыл майрамы,
айкырып эшек баштады.
Артынан шаша сагызган,
шакылдап тилин кайрады.

Ар бири саатын кетирбей.
убагын сактап сөз бербей,
кыйкырып айтып жатышты,
"Сөзүнөн кемтик" - дегизбей.





Бир маалда талаш башталып,
колдорун кезеп жаалдашып,
токтоно албай сөгүштү,
түрдүүчө аттар жамашып.

Түндөсү чуулуу зоопаркта,
угулду түрдүү музыка.
Жарышып ырдап жаткансыйт,
каргасы, бүркүт, бугу да.

Таңга маал келип убакты,
карышкыр улуп баштады.
Муң-зарын айтып жылдызга,
эчкирип өксүп ыйлады:
"Жапайы түркөй айбандар,
мынчалык укпас жансыңар!
Түшүнсөк туура болбойбу,
улуган үнүм уксаңар.

Убакыт берип көбүрөөк,
көңүлдү мага бурсаңар.
Чакырам таза тартипке,
үндөбөй угуп турсаңар!"

Уктабай бөрү ортодо,
улуган бойдон калдыбы?
Угаарга аны эч ким жок,
калышкан уктап баардыгы!

Арыстан жатат "кемчонтой" ,
жашоосун журттун оңдобой.

"Укпаса эмне кылам?"- дейт,
башчысы экенин ойлобой:

"Бөлгөмүн маалын баарына,
тең кылып мүнөт, саатын да.
Өздөрү көрүп турушту,
бүркүтү туруп башында.

Убагы менен сүйлөштү,
айтышып сөзүн түрдөштү.
Талашып чыгып ортого,
уйкусуз түнү күүлдөштү.

Өздөрү айтты ушинтип,
"макулмун" дедим баш ийип.
Кантейин, менде не күнөө,
Тандашса ушундай тартип?"

Кеч кирсе маймыл каткырат,
сагызган чыгат шакылдап,
арстан чыгып айкырса,
карышкыр улуйт ай карап.

Дагы эле уруш башталат,
күн -түнү кайра кайталап.
"Дабышым менин таза"- деп,
четинен баары айкырат.

Дагы эле көздөр кызарып,
тиктешет кыйнап ызалык.
Бирине бири жагымсыз,
көргүсү келбей жан ачып.





Арстан башчы онтобой,
"тартипсиз" деген ат конбой,
башкарса болмок өз журтун,
атыгып кетпей "кемчонтой".

Автордон:

Жапайы айбандарда боло берет.
Үмүт жок "зоопарк эми оңолот"-деп,
арстан, ал да коркот жооп берүүдөн,
"бийлигим эртең эле жоголот"- деп!

"Жаман го
иштебесе эгер мыйзам,
бийлигиң
аткарбаса сөзүн айткан.
Жаман го өзүнө
албай кемчиликти,
жамынып, элге шылтап
жооптон качкан!"

## КАПАСТАГЫ БУЛБУЛ

Капаста булбул олтурат.
Кайгысын сайрап созулат.
Муң - зарын айтса жашоодо,
Поэма болуп чогулат.

Уңулдап созот обонун,
өтмүшү кандай болгонун,

кай бирде баары көңүлдүү,
жашоосу көркке толгонун.

Ырынын түрдүү темасы,
тагдырын келет айткысы.
Баары бар жашоо жолунда,
кубаныч, орто, кайгысы.

Жүргөнүн айтат Кытайда,
көпөстүн чогуу жанында.
"Бакчу" дейт кээде эт берип,
а күрүч, нокот дайыма.

Кармачу дайым капаста,
жол бербей сыртка "качууга".
Текшерип турчу денемди,
даярдап мени сатууга.

Кавказга келдим соңунда,
курортко жаңы орунга.
Отурчум сайрап сөрүдө,
толкундуу деңиз боюнда.

Жедирет мага молюска,
Эртелеп дайым тамакта.
Кечинде берет туздалган,
деңизден чыккан капуста.

Кам көрөт мага үйүлө,
канатым сылап сүйүнө.





Тумшугум аарчып, бутум жууп,
ырдайбыз чогуу күнүгө.

Уланып "белек" жолдорум,
француз болду кожоюн.
Өкүндүм көрүп капастан,
мендейдин дагы ондоюн.

Булбулдар баары экиден,
капаста бөлүп бекилген.
Өкүнүп муңдуу сайрашат,
өмүрдү баштан кечирген.

Ошондой жерлер жүргөнүм,
бир сулуу жакты, сүйгөмүн.
Ырдаса коштоп сүйүүнү,
каткырса кошо күлгөмүн.

Тан атып жарык болгондо,
шашылып чыгып балконго,
сүйүүнүн чертип кылдарын,
салчубуз баарын обонго.

Ал сулуу эле чынында,
канаты, кашы сынында,
тумшугу сонун иймектүү...
Кошул да кечке ыр ырда!

Чогуу биз болдук беш жылдай,
бактылуу болду күндөрүм.
Андан да кеттим белекке,
кош айтып калды сүйгөнүм.

Москва болду барганым,
тагдырдын кара сызыгы...
Эстеген сайын сүйүүмдү,
жашоонун кетип кызыгы.

Кээде мен өксүп ыйладым,
кээ учур күлүп жыргадым.
Жашоонун өзү бир кызык,
Өткөнүм эстеп ырдадым.

Өмүрүм кызуу өттү бейм...
Кыдырдым, көрдүм көптү мен.
Учакта жүрсөм сүйүнөм,
көргөндөй учуп көктү мен.

Көрдүм мен Кытай жергесин,
кыдырдым Кавказ элдерин,
Европа тарап аралап,
Россия жерин жердедим.

Эмнеси жаман жашоонун?
Ырдасам болот бир сонун.
Эмнеге боздоп, муңданам?
Көңүлдүү обон созоюн.

Кандай бир сонун бул дүйнө,
жаңырып келет күнүгө.
Кызыгы көп го жашоонун,
кападар болгон бул күнөө.

Ошентип созуп обонун,
түрлөндү үнү булбулдун.





Мактоого алды булбулум,
капаста өткөн турмушун.

Ыр менен баарын сайрады,
көргөнүн айтып мактады.
Капаста жүргөн жашоосун,
жайма-жай ырдап жактады.
Капаста өткөн өмүрүн,
созултуп обон мактады.

Автордон:

Биз эркинбиз, биздин турмуш жайма - жай.
Өткөрөлү өмүрлөрдү кайгырбай.
Жашообуздун жакшы жагын көрөлү,
баш көтөрүп капастагы булбулдай.

Кандай гана оор заман болбосун.
Тагдыр бизге кандай сыноо койбосун.
Кайгырбастан абаз салып булбулдай,
жашайлы эстеп таттуу өмүр жолдорун.

## АРМАН

(Карыянын жаш сүйүктүү аялынан кантип ажырашканы тууралуу арман ыры)

"Акылсыз болуп аңкайып,
калдымбы бүгүн картайып?
Билгемин анын кыялын,
эмнеге жүрдүм жармашып?

"Аялым сен"-деп жүрүпмүн.
"Алтынымсың"-деп сүйүпмүн.
Көңүлү кетип башкага,
билбепмин "куйрук түйүшүн".

Агарган чачым байкабай,
асылып ага уялбай.
"Сүйөм го"-десе, ишенип,
чалкалап жүрдүм жайма-жай.
"Жанымсың"-десе, сүйүнүп,
Көңүлүм катуу берипмин.
Өткөрүп күнүн жүргөнүн,
Каяктан аны билипмин?

Келгенде эски "Корозу,"
Өзгөрүп калды сөзүндө.
Жолугуп жүрөт окшойбу,
Кыялы чыкты өзүнчө.

Заары чыгып тилинен,
кыйкырчу болду күнүгө.





Баягы сезим жоголуп,
акаарат айтып сүйүүгө.

Күнүгө издеп айласын,
Сүйүнтүп жүрдүм "аппагым".
Көңүлүн карап изденип,
Күлдүрдүм айтып тапканым.

Мен үчүн анын күлкүсү,
эритип ичим жылытчу.
Маанайын байкап жумшарган,
көөдөнүм менин сүйүнчү.

Чырылдап анан башталчу,
"чымындан" издеп "пил" - кылчу.
"Эмнеге мындай дейсиң?" - деп,
тултуңдап мага бакырчу.

Акыры бир күн түшүндүм,
акыбал чындап "өлгөнүн".
Акырын айтып, жооп бердим,
"урдум - деп, баркын сүйүүнүн".

Ажыраштым да кетирдим,
"эсен болгун"- деп, жооп бердим,
"Короздун" бирин колтуктап,
"карман"- деп айттым тилегим.

Ичимде калды тызылдак,
каректе калды кетпес так.

Эстесем күйөт ич дүйнөм,
жеп алчу болдум балмуздак".

Калжыңдап айтып "сүйүүсүн",
арсаңдап тыйбай күлкүсүн,
аксакал сөзүн бүтүрдү,
чыгарып ичте күйдүсүн.

## АКЧАНЫН КАРА НИЕТИ

" Көргөзбө аны эч кимге,
киргизбе Кудай деги эле.
Эгерим түшпө түрмөгө,
тынч, аман жаша үйдө эле.

Айтылып бүткүс кайгы бар,
ар жакта өздүк ханы бар.
"Ал жакка" түшкөн оңолбойт,
өмүргө тете тагы бар.

Карарган чачың бүт басат,
эки эле күндө ак бубак.
Карайын десең сааты жок,
көзүңдү басат ак чылпак.

Түшүнө албай тартибин,
чуркайсың көзүң жалдырап,
таба албай жообун сураса,
жаның бир чыгат калтырап.





Аяган сени адам жок,
ар намыс кетет ченем жок.
Кадырың эч ким карабайт,
калыс сөз укпайт жарабайт.
Канчасы жүрөт ыйлактап,
адамдык сапат саналбайт.

"Кыйындар" жүрөт ыржактап,
каймана аты ылакап.
Жашоодо көрчү мыйзам жок,
өздөрү "тартип" чыгарат.

Убакыт саатың өткөнчө,
оюнчук болуп бирөөнө.
Уруксат албай "корольдун",
акың жок катуу күлгөнгө.

Тыйынга татпайт, жарабайт,
сактаган жаның ал "үйдө".
Канчалар момун жок болду,
атаңдын көрү дүнүйө.
Кутулдум эми мына"- деп,
бүтүрдү сөзүн үңкүйө.
жанымда арык аксакал,
үшкүрүп алсыз күрсүнө.

Айтканын угуп аядым,
"ага" - деп аны сыйладым.
"Эмнеге барып калдың?" - деп,
себебин андан сурадым.

" Ээх, иним, нени жашырам,
"акча"-деп, өскөм жашыман.
Жай эле иштеп жүрчүмүн,
" пара" алып анча- мынчадан.

Акыры келип чапты го,
акыйкат мени тапты го.
Алты жыл берип кайрымсыз,
түрмөгө мени жапты го.

Анысын деле түшүнөм,
үй бүлөм менден качты го.
Чогулуп кылган бүт күнөөм,
мени да катуу атты го."

Муң зарын угуп ыйладым,
аксакал экен кыйбадым.
Чай алып берип кафеден,
көңүлүн алып сыйладым.

Бир карап анан жектедим,
бир кайра, аяп кетпедим.
"Аягы ушул акча" - деп,
айтканын анын эстедим.

Акчанын кара ниети,
"табам"-деп, өттү эчени.
Качканы жүрөт саргайып,
канчасы көрбөй Мекенди.





Ыйман бер ынсап дебесе,
аягы ушул болот го.
Түрмөдө калып максаты,
"жепжутар" атка конот го.

Сурадым жашын акемден,
кары эле болчу ал менден,
арсаңдап күлүп таанышса,
алты жыл менден жаш экен.

Атаңдын көрү куу тагдыр,
айласын кууруп таштаптыр.
Күндөрүн өтөп бүтсө да,
күнөөсү андан кайтпаптыр.

*06.07.2021.*

"Жазгым келди... тагдыр ошол айтканы,
жалган жашоо, жалгыздыктын каарманы.
Ар тараптуу кайчылашат өмүрлөр,
ар биринин ичте кайгы, арманы".

## КЕТПЕГЕН ТАК

Айтып жатты, ыйлап жатты жаш келин,
ичте бугун, катып жүргөн кептерин.
Мынча неге таш боор экен замана,
назик жандын тебелеген сезимин.

"Бир жеңден кол, бир жакадан баш" элек,
биз сезимдер кумарына мас элек.

Жарым жылдай сүйүп - күйүп, сүйлөшүп,
Ойдогудай баш кошконбуз, жаш элек.

Жыл айланып жарык көрдү тун уулум,
сүйүнгөндөн учуп жүрдү жолдошум.
Жаратканым катар сыйлап, миң шүгүр,
бир кыз берди, дагы бир уул, колдоочум.

Үч балалуу, турмуш курдук, тырыштык.
Татаалдыгы, бутка турдук, жыгылдык.
Кайын журтум дайым каршы болсо да,
оттой жанган сүйүүбүзгө жылындык.

Ашык сөзгө оорубады башыбыз,
андан бетер бекемделди тактыбыз.
Жакшы күндөр, үй да салдык жетишип,
айлананы курчап турду бактыбыз.

Сонун жашоо көп узабай кыйрады.
Күйөөсү бар келин кылды кыйланы.
Жолдошума үйгак болуп жармашып,
ал гана эмес мени кошо кыйнады.

Кайдан билдим күтүлбөгөн кылыкты?
Мындай келтек мени катуу жыгытты.
Сонун бүлө пайдубалы бузулуп,
соо адамды жүрөк ооруу кылышты.

Ал ортодо билбейм канча күн өттү.
Басылбады ооруганы жүрөктүн.
Жолдошумду артык көрүп жанымдан,
"үй бүлөм"-деп, үч жыл бою күрөштүм...





Он экиге чыгып калган тун уулум, ,
жол кырсыктан каза болду, жоготтум,
достор менен чогуу жүргөн көчөдө...
Жүрөк сыздап, өксүп- ыйлап коштоштум.

Катар-катар турмуш мени сынады.
Оорум күчөп, жүрөк эзип кыйнады.
Акыбалым көрүп менин эзилген,
күйөөм келди, жүрөк оорум ырбады.

Мен уруштум аны менен, кечирбей,
"бир уулумдан ажырадым сени дей".
Бакырсам да ыза-букка чыдабай,
бир ой турат, каалайт аны кетирбей.

Өттү күндөр, мезгил баарын тазалап,
кайра оңолуп, баары жакшы кең жашап,
шаарды көздөй көчүп келдик бапырап,
жолдошум да мени карап айланат.

Бирок ичте сызып турат кусалык,
тун уулумдун элесине чырмалып.
"Сатып кеткен убагында жолдошум",
деген оюм жүрөгүмдө кыйналып.

Ыйлай берем, көөдөнүмдө түссүз так,
боштук турат, жазылбаган ак барак.
Кимге ишенем, кимге айтам, эмнени,
өзүм билбей, алсыз жүрөм бул убак...?

Аяп мени жолдошум жейт убайым,
алып берди эң жакшысын унаанын.
Бирок эми менде болот түбөлүк,
жүрөгүмдү эзип турган бир тагым.

Үнутулбайт тебеленген сезимдер,
кетпейт экен тагдыр койгон кертимдер.
Баары жакшы, шыгыр жашоом болсо да,
табылбады жүрөк тагын тегиздээр.

Айтып жатты, ыйлап жатты бир айым,
ичте бугун, катып жүргөн сырларын.
Мынча неге таш боор экен замана,
сулуу жандын тебелеген тагдырын?

Боорду эзген сулуу көздөр суранды:
"Курай бериң мен жөнүндө ыр сабын,
төкпөй-чачпай ачык эле жазыңыз.
Ишенемин түшүнөсүз айтканым".

Түйүндөр көп чечилбеген чаташып,
түпсүз дүйнө калгандар көп адашып.
Болбосунчу тебеленген сезимдер,
жашоо өтсүн ишенимде жанашып.





## БОЛБОСУН СОГУШ

Аксакал оюн бөлүштү,
уккандар көз жаш төгүштү.
"Ал учур кыйын болгон"-деп,
согушту баары сөгүштү.

"Кас-душман, согуш мүнөзү,
талкалап, кыруу бул өзү.
Туш келсе алың сурабайт,
барбы же жокпу күнөөсү?

Көлкүлдөп көздөн кан агат,
күнөөсүз канча жан алат?
Кайгысы, азап, арманы,
жүрөктөр кетет жаралап.

Аталар кеткен турушпай,
душмандар менен "урушка".
Карылар, аял, жаш балдар,
колхозго чыкчу жумушка.

Чогултуп берип тапканын,
карабай курсак ачканын,
"жеңишке жетсек болду эле,
кереги жок"-деп, башканын.

Анда мен жашмын, өспүрүм,
колхоздо иштеп жүрчүмүн.
"Атакем бир күн келээр"- деп,
билбепмин күнү бүткөнүн.

"Сактайм"-деп, эми баламды,
көргөзбөй кара кагазды.
Кургурум апам ыйлактап,
айтпаптыр жетим калганды.

Жөнөчү элек эртелеп,
Катыган курут кемшиңдеп.
Иштедик эстеп дайыма,
"душманды атам жеңсин" - деп.

"Иш барбы, бизге керек"-деп,
"аталар тирүү келет"- деп,
"алардай күчтүү эч ким жок,
душманды сөзсүз жеңет"-деп...

Кечинде келип жатаарда,
"кулдурап" курсак ачкадан.
Бүжүрөп апам ичирчү,
жармасын жасап машактан.

Ачкадан көбү ооруду.
Аялдар, балдар көз жумду.
Айласын таппайт өкүрүп,
энелер каргап согушту.

Күн көрүп эптеп жашадык,
согушту жектеп карадык.
Азапта ар күн ой басып,
жеңишти улуу самадык.





Ушундай жаман күндөрдү,
Жараткан бизге көргөздү.
Эч качан согуш болбосун",
аксакал сөзүн бүтүрдү.

Бизде эмес дүйнө жүзүндө,
деги эле согуш болбосун.
Жараткан берип жыргалын,
тынчылык заман орносун.

## КУМУРСКАНЫН ОРДУ БАР

Кумурскалар тагдырына таң калам,
тынымы жок кыймылына суктанам.
Кечке карап, уяларын, жашоосун,
бул жандыкты түшүнө албай кыйналам.

Көтөргөнү өзүнөн чоң нерселер,
теңдештирсең күчү пилге тең келээр.
Өжөрлөнүп кечке тынбайт, чарчабайт,
ак эмгеги жашоосуна дем берээр.

Кээси чуркайт, буудай данын көтөрүп,
бири тартат, чоң чырпыкты көшөрүп,
дагы бири ташты сүйрөп баратат...
Уясында жатат баарын "төшөнүп".

Байкап көрүп, мынчалык оор жумушту,
чырпык,таштан булар эмне курушту?
Буудай даны, түшүнүктүү азыгын,
жазы-жайы кышка көңүл бурушту.

Уясына киргизишип, тапканын,
"кышкыга"- деп, чогултушуп жатканын.
Көрдүм өзүм таштар менен бекемдеп,
чырпык менен уясын бек жапканын.

Мына кызык, булар адам сыяктуу,
ойлонушуп аткарышат жумушту.
Бирок бир топ айырмасы адамдан,
жалкоо эмес, иштерине туруктуу.

Бул дүйнөдө эске алчу орду бар.
Кумурска бул кичинекей жаныбар.
Адам үчүн мисал кылып айтаарга,
тартип, эмгек, эрктүүлүгү, деми бар!

Кумурсканын жашообузда орду бар.
Табигатка керектүү бул жаныбар.

## ЖАЙЫЛ БААТЫР

*( тарыхый көркөм чыгарма)*

Элимдин сактап намысын,
көтөрүп оор жүк, кайгысын,
тарыхын улап татыктуу,
уул-кызы улуу Кыргыздын.

Асманда жылдыз өчпөгөн,
атагын угуп көптөгөн,
абалкы Солто элинен,
алп мүнөз Жайыл төрөлгөн.





Кыргыздын кыйрап тукуму,
ал заман үрөй учурду.
Ойроту, жунгар, чапкылап,
коңшулар каршы кутурду.

"Монголдон калган "кандык" - деп,
казактар Чүйдү "мендик" - деп.
Кыргызга кирип талашып,
алганы турду менчиктеп.

Коңурбай уулу Жайыл хан,
жашынан баатыр атыккан.
Абасын угуп акылын,
душманга каршы ал чыккан.
"Бербеймин жерин элдин" - деп,
казактар менен жанчышкан.

Түшүнбөй тууган, достукту,
ошондо казак кас чыкты.
Ойроттун угуп үгүтүн,
кызарып көзү, пас чыкты.

Аралап кирип Кыргызга,
"саламын - деди, кыргынга".
Замандын катаал мезгили,
азаптуу эле чынында.

Чогулду кыргыз көгөрүп,
асаба туусун көтөрүп,

душмандын чыкты алдына,
Жайылды коюп башына.

Утулуп бирде, качырып,
казактын колун жапырып.
"Кызылдай кыргын болгон" - дейт,
күнөөсүз баштар чабылып.

Акыры казак жаңылып,
көзүнөн жашын агызып,
камчысын моюн артынып,
Кыргызга келди багынып.
Жер карап, үнсүз айбыгып,
"жан соога" - тилейт жалынып.

Жайыл хан ошол учурда,
алган дейт көбүн туткунга.
Абылай бийди баш кылып,
чылгын салып мурдуна.
"Туткун да болсо, конок" - деп,
көрсөтүп сыйын жөлөктөп.
"Казагым эми адашты,
эркелеп кээде коёт" - деп.
Абылай бийин баш кылып,
жөнөткөн экен белектеп.

Арканын узун кармаган,
Жайыл хан кенен акылдан.
Казактын жаман жосунун,
жакшылык менен жашырган.





Ошондо баатыр элинде,
" кең пейил Жайыл" - атыккан.
Кең Чүйдүн коргоп жергесин,
Кыргызга бүтүн калтырган.

Элинин болуп баатыры,
эмгеги журтта айтылган.
Кас-душман ою бузулса,
катыгын берип качырган.

Кыргыздын коргоп энчисин,
муундарга белек калтырган.
Өмүрү өткөн согушта,
жанчыса, бирде жанчылган.

Убакыт өтүп унтулган,
өткөн күн чыккан туюмдан.
Баягы могол Абылай,
Кыргызга кайра жулунган.
Казактын бийи Абылай,
чогултуп элин бир колго.
"Кирем-дейт, уруп кыргызга",
Жайылды алмак туткунга.

Топтогон колун үч бөлүп,
амалын катуу көрсөтүп,
үч тарап менен кол салып,
Кыргызды алмак көңтөрүп.

Жайыл хан барып жардамга,
душманды тосуп Таласта.

Аскери болуп жанында,
калбаган эч ким айылда.

Үчтөн бир аскер бөлүктөн,
айлакер казак жөнөткөн.
Жайылдын айыл жагына,
жашынып кирген түндөтөн.

Айылда калган аялдар,
карыган чалдар, жаш балдар.
"Уругун толук кырам"- деп,
урдуруп кирген казактар.
Жаш бала, аял, чалдарды,
кырдырып кирген казактар.
Кыргыздын катуу кайратын,
сындырып кирген казактар.
"Тукумун толук кырам" - деп,
кыйкырып кирген казактар.

Алдынан тосоор эч ким жок,
айлакер келип акмалап.
Кыргызга кыргын салышкан,
көргөндүн баарын талкалап.

Душмандын көрүп пейилин,
зайыбы сулуу Жайылдын,
"Темиржан апа чыккан"- дейт,
казактын берип катыгын.

Өкүнүп өксүп ыйлаптыр,
аялдар колун жыйнаптыр.





Кылычын кармап, зоот кийип,
үн салып элин кайраптыр.
"Журт үчүн өлөм"- дегенде,
эл үчүн антын бергенде,
айылда аял, чал кемпир,
аттанып эч ким калбаптыр.

Душмандын мизин кайтарып,
көксөгөн оюн майтарып,
"тоскон"- дейт, жолун казактын,
Темиржан апа аттанып.

"Жайыл!" - деп ураан чакырып,
душманга тийип качырып.
Коргогон экен айылын,
казактын колун сапырып.

Чыныгы баатыр зайыбы,
жетиктүү экен акылы.
Үйүнөн алыс кетсе эле,
корголот тура айылы.

Мынакей Кыргыз аялы,
уул, кызга болоор сабагы.
Темиржан болду чыныгы,
Солтонун баатыр апасы.

Тарыхта издер жашынган,
айтылбай, кээси айтылган.
Калкымда чыгаан көп болгон,
Жараткан берип уул кыздан.

Душмандын мизин майтарчуу,
көп чыккан баатыр Кыргыздан.

Ошентип жылдар уланган,
уруудан улут куралган.
Кыргызың уруп казакты,
казагың кээде "туу алган".

Ортоңку кылым тарыхы,
караңгы келет ачыгы.
Азайган учур окшойбу,
Кыргыздын энчи татымы.

Элдешип казак Кыргызың,
беришип, алып уул, кызын,
өзгөлөр келсе биригип,
өчүрбөй турган жылдызын.
Абылай таап амалын,
мыктысын тандап айылдын,
чакырган экен конокко,
уулдарын кошуп Жайылдын.

Кездешээр жерден алдаган,
Абылай түзгөн бул капкан.
Чакырып Жайыл баатырды,
балдарын кошуп кармаган.

"Конокко" десе ишенип,
үч баатыр эле барышкан.
Коштогон жигит тобу жок,
боз үйдө ойсуз жатышкан.





Атасы Жайыл күтпөгөн,
эки уулу Теке, Алп Үсөн.
Казактын айла амалын,
ошондо сезип түшүнгөн.

Балдары менен кошоктоп,
ачкарын коюп үч күнгө.
"Сынаган" дешет эт менен,
көз салып коюп үчөөнө.

Абылай сынап ортого,
бир чара этти койгондо,
"ооз тийип гана койгон" - дейт,
Жайыл хан баатыр ошондо.

Алп Теке баатыр кой башын,
көзүнүн оюп чанагын,
шашпай жеп башка көзүнө,
тик уруп койгон бычагын.

Кийинки баатыр Алп Үсөн,
кулагын кесип түбүнөн,
шашылбай чайнап бир жутуп,
табакты түрткөн өзүнөн.

Мындайды көргөн казактар,
жоорушуп жаңы ушактар:
"Жайылдын жебей койгону,
жашоого нагыз тойгону.

Көргөнүн көргөн баатыр да,
тынчыса - дейт го, болгону".

"Теке баатыр бошосо,
даяр көзүң ойгонго.
Кекчилдигин билгизет,
урушкудай өлгөнчө.

Үсөн баатыр сүрдүү да,
Жайыл хандын уулу да.
Колдон чыкса, качырып,
кирет го бул да урушка".

Ошентип жоруп Абылай ,
өлтүртмөк болду баарын ай.
Жигиттерин жөнөтүп,
Текеден болду баштамай.
Текенин эки бөйрөгүн,
кестирип салды жартылай.
Кыңк этпеди ошондо,
Теке баатыр үн чыкпай.

Казактар ага таазим деп,
"Сурангын дешти"- берем деп.
Текеге макул сөз берди,
баатырга көңул тереңдеп.

Ошондо Теке сурамак,
"мингиз"- деп, жакшы аргымак.
Беришкен экен бир чобур,
Текеден катуу чочулап.





Теминген кезде кырчаңгы,
секирип тике турду - дейт,
Алп Теке баатыр казактын,
жоон тобун мелжеп урду - дейт.
Өлтүрө чабып кыйласын,
кансырап өзү жыгылып,
атынан ооп түштү - дейт.
Абылай көруп баатырдын,
"өз кунун өзү алды"- деп,
ыраазы болуп жүрдү - дейт.

Жайылды жайлап баш кылып,
Абылай канга аптыгып,
Кыргызда калган бул тарых,
"Жайылдан кыргын" - атыгып.

Улуу кыргыз элимдин,
кең Чүй, Талас жеримдин.
Жайыл баатыр баянын,
айттым кыска бир четин.

Солтолор күчтүү уруудан,
таркаган Жайыл баатырдан.
Тарыхтан изин өчүрбөй,
тастыктайт атын Кыргыздан.
Баатырлар бизде көп болгон,
Мекендин чегин кармаган.

Уул кызыбыз билишсин,
улуу Кыргыз кимдигин.

Унутулбай таанышсын,
Жайыл баатыр эрдигин.

Айтуугa жеңил кезинде,
адашуу болбос менимче.
Кана эми Жайыл баатырды,
кайтарса Солто элине.
Жараткан берсе бир кайрып,
"Башкар!" - деп Кыргыз жерине.

Азыр да ошол акыбал,
туш тарап талап, жут абал.
Жайылдай чыгып бир баатыр,
элиме болоор намыс - ар.

*09.06.2022.*

## ЭЛ ЖУРТУМА ЭМНЕ ЗЫЯН?

Пара берген, алган зыян.
Элди алдап, жеген зыян.
Жалган жалаа, ушак сөзгө,
моюн сунуп берген зыян.

Уурулукка барган зыян,
элди тоноп, алган зыян.
Көргөнүңдү "көрбөдүм"- деп,
көмүскөдө калган зыян.





Кайдыгерлик катуу зыян,
көңүл коштук ачуу зыян.
Акыйкаттан ала качып,
кылмыш ишин жабуу зыян.

Бүтүн элди бөлгөн зыян,
Мекенин жаман көргөн зыян.
Элден чыккан азаматты,
көргөзбөстөн көмгөн зыян.

Өз кесибин билген кетип,
билими жок калса зыян.
Карышкырга үмүт кылып,
кой терисин жапса зыян!

Өз элинен акча сурап,
пирамида курса зыян.
Эл башында шымаланган,
ач ажыдаар турса зыян.
Кыргызды тээп "чоочунду",
чоң кызматка койсо зыян.
Элге зыян, жерге зыян
иштебесе эгер мыйзам.

*07. 2011. Ош.*

## КАРЫШКЫРДЫН КАЙГЫСЫ

Кайгылуу улуп карышкыр,
Кѳѳдѳндѳ сырын ачыптыр.
Токойдо түнү бир оокум,
Ич - сырын тѳгүп жатыптыр.

Кайгысын айтып ѳкүнѳт,
Түрдүү бир ойго чѳмүлѳт.
"Уктум" - деп жаман сѳздѳрдү,
Кѳзүнѳн жашы тѳгүлѳт.

"Карышкыр болуп атандым,
Кара ниет, ууру жаманмын.
Короодо койду кырат деп,
Далайга кеткен атагым.

Жоголсо, мал - жан капыстан,
" Жеди"- деп мени айтышкан.
" Алдырбай качып келди"- деп,
Макташат малын табылган.

Ооба, мен койду уурдагам,
Мал - жанын, далай мууздагам.
Капыстан кѳрсѳм ээн жерде,
Кѳтѳрүп кетем, кууратам.

А бирок айтсак чын - жалган,
Мен эле эмес куураткан.
Токойдо, тоодо толтура,
Мага окшоп жүргѳн ууру жан.





Коенду кѳрсѳ, куу түлкү,
бастырбай кармап, жеп коёт.
Арстаны, илбирс, жолборсу,
Күнүгѳ эмне жеп тоёт?

Аларды неге айтышпайт?
Жаман деп неге жайышпайт?
Атасам баарын сан жетпейт,
Ушак сѳз мага жарашпайт.

Короодо коюн, мал - жанын,
Мен жалгыз кырып жатпадым.
Кѳрѳмүн дайым казанга,
Адамдар этти салганын.

Койлорду тосуп байлашат,
Короодо дайым кармашат.
Кой, эчки этин таркатып,
Бышырып эле жатышат.

Малдарды байлап кармашат,
Короону бекем жабышат.
Ай сайын кѳрѳм айылда,
Малдардын этин сатышат.

Ѳздѳрүн билбейт мен жаман,
"Карышкырсың - деп аташкан.
Карышса болот ѳздѳрү,
Адамдар ѳтѳт жырткычтан."

Карышкыр ашып кайгысы,
Асманда айды ыйлатты.
"Мыкаачы аттуу дайыма,
Карышкыр калат турбайбы.
Жырткычтык мүнөз боюнча,
Адамдар чатак турбайбы".

Бөрүнү турат кубаттап,
жылдыздар карайт жымыңдап.
Ансайын улуйт кайгылуу,
Асманды тиктеп ырылдап.

" Баары эле мени ууру дейт.
Уурунун чынын билишпейт.
Ушакка уккан ишенип,
Учугун сөздүн теришпейт.

"Баягы жаман бөрү" - дейт,
"Жаман" - деп, агын көрүшпөйт.
Алдаган сөзгө ишенип,
Айтсам да чынын, көнүшпөйт".
Өңгүрөп жатты карышкыр,
Өзөгү күйүп, калыптыр.
Бакырып айтып, ич бугун,
Алоолоп жанып алыптыр.
Ааламга каршы аттанып,
дооматын айтып жатыптыр.

Караңгы түн да, жадаптыр,
Ким аны угат, кабатыр.
Айлана тып - тынч эч ким жок,





Караса эми, карышкыр.
Ай, жылдыз карайт, башкасы,
Деги аны укпай калыптыр.
"Укпады мени эч ким"- деп,
Эчкирип, жаны ачыптыр.
Айтаарга жандуу табалбай,
Кайгыга бөрү батыптыр.

Кайгысы муңу, төгүлдү,
Кайталап улуп ар күнү.
Окшошуп эле тургансыйт,
Мурунку түнгө, бул түнү.

Баары бир "ууру" баягы,
Үйрөнгөн адат калабы,
Уңулдап койчу кечинде,
Күнүмдүк жашоо талабы.
Курсагы ачты сыягы,
Короонун жытын самады.

Уурунун калбайт бул дарты,
Уурулук кесип тапканы.
Акылы жетпей кыйналса,
Буттары берет жардамды.

Миң түркүн шылтоо, карганат,
"Туура" - деп өзүн актанат.
Жасаган иши уурулук,
кеч кирсе кайра башталат.
Токтоно албайт, оору да,
уңулдайт, бирок бул адат.

Короону көздөй жөнөдү,
Аралап өттү токойду.
"Тапсам" - деп, четте адашкан,
Кичине жандык болгону.

Кечкисин айыл тарапты,
Шашылбай карап баратты.
Тоок, үндүк болсо уурдоого,
Шаштырып жатты курсагы.

Бөрүнү эзген муң - кайгы,
Болгону ушул турбайбы.
Көңүлү толуп сүйүнөт,
Бир тоюп калса курсагы.
Карганып баштайт эртеси,
Түгөнбөйт анын жамагы.
Уурунун "ушул кыялы",
Токтобойт тура адаты.





## ПИКИР

Нурмамат Жоробаев...

Агам...

Фейсбук социалдык тармагындагы өзү бейтааныш да, жакын тааныш да агам. Жолуга элекпиз. Тагдыр буйруп, ыр кемесинде бирге сапар алдык, сүзүп келе жатабыз...

Жоопкерчиликтүү, лидерлик, жетекчилик сапаты бар. Ал үчүн акылы да, билими да, турмуштук тажрыйбасы да жетиштүү. Талап коё биле алат, сүйлөшө алат, анткени аскер адамы. Өз ишине так, өз мөөнөтү менен ар ишти аткарып, башкара алат.

Ошол эле учурда керемет жан дүйнөсү бар, анткени жүрөгүндө ыр жашайт, жылуулук тартуулаган.

Ошол сапаттарды айкалыштырып, атайын адабий бирикмелердин ишин кызыктуу уюштуруп, башкарып... поэзия дүйнөсүндө өзүнүн жеке өзгөчө чыйырын салып келет. Ырларынын тематикасы ар түрдүү, таасирдүү, маанилүү, салыштырмалуу.

Бирде нандын, жаңы тандырда кызарып бышкан энесинин токочун эстеп, бирде "атадан алтоо болсоң да, бир жалгыздык башыңда" дегендей, "Жалгызсың" деген ырында убакыт учкулдугун таамай акындык сезим менен берет:

"Мезгилге бүтүп канат, убакыт учуп барат.
Үмүттүү мени карайт, өтмүшүм атаганат.
Не кылдым, не кылбадым, оңдоого чамам барбы?
Негизи бул жалганга,
тирүү жан бир жаралат".

Дагы бир артыкчылыгы ыр саптарынын обончулар үчүн жеңил, ийкемдүүлүгүндө.

Дегеним, көптөгөн ырларына сыясы кургай электе экинчи өмүр жаралат, обондору чыгат. Бул акын үчүн эселенген бакыт, калем сапты курчутуп турат.

Мен билгенден көпчүлүк ыр жазгандар бир багыттагы, бир темадагы, көбүнчө сүйүү ырларын жазышат. А биздин каармандын ой жүгүртүү чөйрөсүндөгү кең мейкиндикти жазган ырларынан баамдаса болот, дээрлик турмуштагы ар түрдүү темадагы ырлар.

Бирде чогуу өскөн досторун эстеп эргүүлөр келсе, бирде апасынын көк чайнегин, же Жаратканга таазим, пенделердин пендечилиги, патриоттук сезим, лирикалык ырлар...

"Өзгөндүкмүн" деген ырында:

"Өзгөнүм кулпурасың жылдан жылга,
өзгөчө жарашыктуу мунараң да.
Өтүмдүү күрүчүң да, жаңгагың да.
Өсө бер, өркүндөй бер кылымдарга " деген саптары

менен чыныгы кичи мекенге деген ырахаттануу сезимин төрт сап менен бере алган.

"Кызарып жол боюнда бышкан гилас.
Суналып көлөкөңдө жаттым ырас.
Кынтыксыз табигаттын сулуулугу,
кызыгып сен жөнүндө жаздым бир аз - деп, ар бир

көзгө көрүнгөн сулуулукту ырга айлантып, табигатка ички сезими менен дагы да жан киргизип, суналып эс алып жатканын да ырга айлантып жиберген.

Сулууларга, балдар темасына, табигатка ж.б. арнап, ар бир кубулушту, турмуш чындыгын күрөө тамырынан кармап, кээде тамаша - азил ырлары да көңүл көтөрөт.





"Дайыма бирге болсун тирегим.
Дайынсыз кетпей билдир дарегиң.
Жазалбайм сенсиз, окуй да албайм,
жарыгым сенсиң, эх, көз айнегим" дегени өзгөчө, бир

ой менен келе жатсаң артында тамашасы катылуу, жогото берип көз айнегине, энесинин көк чайнегине жазгандары.

Ар түрдүү тагдырларды камтыган, улуу-кичүүгө үлгү болуп, жашоого өрнөк бере алган ырлары менен, чакан поэмалары менен Нурмамат агамдын жазгандары окурман калкына жагат деп терең ишенем.

Өрнөктүү өмүр сүрүп, кылым аша жашаңыз!
Бар болуңуз, Нур ага!

***Бешболуш Матисаков.***

## ЫР ЖОЛУ УЗАК, ЧААЛЫКТЫМ ДЕБЕ, АКЫН!..

Ыр ааламы!..

Ырга болгон ышкысы арткан, сезими сересинде туйгу көчөтү көктөп, изги ойдо махабаты ойгонгон адам баласын өзүнө азгырып, өзүнө магниттей тартып турат. Тынч турган көл толкугандай, жан дүйнөсү толкууларга кабылат. Ал толкуу -- ичте бугуп жаткан ой тутумун козгоп, табышмактуу, сыйкыр эргүүлөр эшигин ачат. Көркөм, кыялга бай дүйнөнүн төрүнө олтургузат. Ташты жарып чыккан булактай тунук ырлары оргуп, кайнап чыга баштайт. Ошо анын ыр сапарындагы алгачкы кадамы, кең арышы!..

Күнүмдүк чуру-чуудан алыс болуп, турмуштун тамашасына калыс болуп, өмүрдүн бош өткөн жылдарына, каталык-капалыгына, максат көздөп баштаган иштин майнабына, сүйүүнүн күйүүсүнө, сөздүн маанисине, жашоонун ак-карасына, тирүүлүктөгү жоктоо-табылгасына, тирүүлүк-жашоонун нарк-насилине, жакшылык менен жамандыктын карама-каршылыгына, майып менен соонун айырмасына, өлүм менен өмүрдүн чиеленишкенине, мезгилдин токтобой жылганына маани бере, ынтаа коё аалам жарыгын тартуулаган тирүүлүккө башкача көз менен карап калат.

Дээринде көрөңгө өзгөчөлүгү бар зирек, сезимтал акын Нурмамат Жоробаевдин бул чыйыр жолдон кең жолго түшкөн убагы.

"Январь айы, жолго чыктым алыска,
Жумуш бүтүп, иңирде - шам маалында.





Ушул тапта суугу күчөп аяздуу,
Токсону да, чилдеси да табында..." (Жолдо) деген эле ой тутумунда өмүр сапарындагы кышкы жолго из салган не деген бир таасирдүү ой жүгүртүүгө басым жасаган. Жолдогу аяздуу суугу ырына өтүп, андан ошо абалды туюу кыйындык жаратпайт.

Дегеним, ырдын жолу узак, анда чарчадым, чаалыктым дебей бараткан акын элеси келет. Нурмамат Жоробаев мына ошондой акын.

"Ааламга салыштыргыс кенен белең,
Апакем мээримиңе тойбой келем.
Кеңешиң уккум келет мен күнүгө,
Кеп-сөзүң океандай терең белем?!." (Бир тамчы ак сүтүңө жараар белем?!.)... Мына энеге арналган сонун саптар!.. Айтып өткөндөй акындык жолдо келаткан кезде да кандайдыр бир арасат ойго кабылганда кеңешер жакын адамды издей баштаган маалда эне образы көз алдына тартылып турат. Энеге арналган бул ырында өздүк туюм менен окурмандын, башкача айтканда башкалардын туюмуна шайкеш келген ой жүгүртө алган.

"Эске түшөт кээ күндөрү балалык,
Өткөн кездин кыялдары жаралып.
Эх, досторум келгилечи чуркайлы,
Чаң көтөрүп сайды көздөй баралык... (Балалык)... Балалык дүйнөсүнө болгон сагынычы окуган адамга таасир бербей койбойт. Бала доорунан алыстаган күндөн канча жоготуулар болгонуна карабай, ошо балалыкка түгөл чакырган ой ырааты акындын канчалык терең, канчалык кең ойду ырга камтый алганынан кабар берет.

Акындын ата-журт, мекен, дүйнө, өмүр, сүйүү, тагдыр... ж.б. жөнүндөгү темаларга да өзгөчө маани берип, аны өздүк табитинде жүрөккө жеткидей жаза алган. Өзү аскер адамы болгон менен"Акындык кесип тандабайт" деген сөздү ырастап, тастыктап келе жаткан ырлары окуган адамды кайдыгер калтырбайт.

Азына гана токтолуу менен мен акындын түпкү өзөк -- булкунуу, умтулуусун эске алдым. Ошо аракет акындын ыр дүйнөсүндө өз жолун табууга үндөдү. Өз жолун тапкан акын минтип эми, окуган адамды тамшандырган ырлары менен бараткан жол боюн гүлдөдү.

Нурмамат Жоробаев бир тематикага эле чектелип калбастан ар тараптуу ой жүгүртө алганы менен, салыштыруу аркылуу сүрөттөй алганы менен өзгөчөлөнөт. Ага удаа алыска кең таштаган арышы чакан эпикалык чыгарма жаратууга да дилгир мамиле жасап келе жатканын даана айгинелеп, кең ой жүгүртүүгө үндөгөн чыгармалары таасирдүү да, окумдуу.

Ырдын жолу узак, чаалыктым дебе, акын!

*Бакытбек Мукарамов,*
*акын, Кыргыз Республикасынын*
*Улуттук Жазуучулар союзунун мүчөсү.*





## ЭСКЕРТМЕЛЕР ҮЧҮН

## Мазмуну:


СЫРЛАРЫ ЫРЛАРЫНА СИҢГЕН АКЫН............................. 3
ЖОРОБАЕВ НУРМАМАТ............................. 5
ЫР-МӨМӨЛҮҮ БЕЙИШ БАК............................. 7
ЖУРТУМ АМАН БОЛСУН!............................. 7
ТҮҢҮЛБӨ............................. 8
ЖОЛДО ЖҮРӨМ............................. 9
ЧЫҢ ДЕН СООЛУК, УЗУН ӨМҮР ТИЛЕДИМ............................. 10
Уулума............................. 10
ЖАРАТКАН КАЙГЫРТПАСА............................. 11
КЛАССТАШТАРГА............................. 11
КИМДЕРДИН АЙЫГАТТЫР ЭСКИ ДАРТЫ............................. 12
ӨКҮНТӨТ............................. 13
КАРТӨШКӨ............................. 14
ЭСКИ БУТ КИЙИМИМ............................. 15
КӨРҮП СЕНИ СҮЙҮНӨМ............................. 15
ЭҢСӨӨ............................. 16
ГИЛАС............................. 17
КӨЗДӨ КАРЕГИМ............................. 18
АКЫРКЫ КОҢГУРОО............................. 18
АЛИППЕ............................. 19
БӨБӨК ЫРЫ............................. 20
САГЫНАМЫН............................. 21
ӨЗГӨНДҮКМҮН............................. 22
АПАМДЫН ЧАЙНЕГИ............................. 23
БӨБӨКУНАА............................. 23
БАТА БЕРДИМ ЫРЫМДА............................. 24
ЖӨН ЭЛЕ БҮГҮНКҮ КҮНГӨ АРНАЛГАН ЫР............................. 25
НЕБЕРЕМДИН ТУУЛГАН КҮНҮ............................. 25
БИР ТАМЧЫ АК СҮТҮҢӨ ЖАРААР БЕЛЕМ…?............................. 26
ДУШМАН БОЛУП КАЛАБЫЗБЫ?............................. 26
ПУШКИНДИ ЭСТЕП............................. 28
КҮН ЫСЫК БИЗДИН ОШТО............................. 28







ӨМҮР УШУЛ............................. 29
АТАГЫН КАЛТЫРСАМ............................. 31
БИЗ ИЛГЕРТЕН МУСУЛМАНБЫЗ............................. 32
УБАДАЛАР КАЙДА?............................. 34
ЖОЛУГАЛЫ КЛАССТАШТАР............................. 35
ЫНТЫМАКТУУ ТАЛАНТТАР............................. 36
КӨП БОЛДУ............................. 37
СҮЙҮНДҮРЧҮ............................. 38
ЖАЙ АЙЫ............................. 38
СУЛАЙМАН ТОО - ЫЙЫК ТОО............................. 39
БАСЫЗДАР............................. 40
ЭХ, ӨМҮР............................. 41
ТИЛ............................. 42
ЫЙЛАМАКСЫҢ АЛЫКУЛ............................. 42
МИГРАНТТЫН АКЫБАЛЫ............................. 45
ТҮШҮНСӨК............................. 45
ӨЗГӨН............................. 46
АКЫРКЫ ОТУЗ ЖЫЛДА ЭМНЕ КӨРДҮМ............................. 47
АТАМДЫ ЭСТЕП............................. 49
СЕЗИМДЕР УЧАТ............................. 50
СЕН ДЕСЕМ............................. 50
ТАҢ КАЛАМ............................. 51
САБЫР КЫЛСАК............................. 52
ЖАҢЫ ЖЫЛГА............................. 53
УНУТПАГЫН КЫРГЫЗЫМ............................. 53
ДЕКАБРЬ АЙЫНА............................. 54
ЭЛДИ ОЙЛО............................. 55
БАЛАЛЫК............................. 56
ООГОН СОГУШУ............................. 57
ӨЗҮБҮЗДҮ БАСАЛЫ............................. 58
ЗАМАНА КАЛЧАЙ БЕРБЕ............................. 58
ЫРГЫТ ЖҮДӨӨ СЕЗИМДЕРДИ............................. 59
ӨЗҮМДҮ ЖЕМЕЛЕДИМ............................. 60
ЖОЛДО............................. 61

............................................................................................ 62
УНУТПАСАК............................................................................... 63
ЧОЧУП КЕТЕМ.......................................................................... 63
ДОСТОРУМА.............................................................................. 64
БИРДЕЙ ЭКЕН........................................................................... 65
АТАҢДЫН КӨРҮ ДҮНҮЙӨ.......................................................... 66
КИМ ОЙЛОНОТ УЛУТТУ?........................................................... 67
ЧЫНДЫГЫНДА......................................................................... 67
ЗАМАН УШУЛ............................................................................ 68
СҮЙҮП ЖАША........................................................................... 69
КЕЧИРЧИ................................................................................... 70
БААРЛАШУУ............................................................................. 70
ИРМЕМ..................................................................................... 71
КУРМАНЖАН ДАТКА - УЛУТ БАРКЫ......................................... 72
КҮНӨӨ ӨЗҮҢДӨ........................................................................ 73
ЗАМАНА ШАРТЫН КОЁТ.......................................................... 73
ОҢОЛУУГА ТҮРТКҮ.................................................................. 74
АКЫЙКАТТЫК УРААНЫМ.......................................................... 75
МЕН ПЕНДЕМИН....................................................................... 75
КОЁ АЛБАЙБЫЗ ТИРИЛТИП...................................................... 76
ЖАЙ МЕЗГИЛИ КАККЫЛАЙТ...................................................... 77
САГЫНАМЫН............................................................................ 78
ЭЛЕСТЕР ЖҮРӨКТӨРДӨ КАЛАТ ЭКЕН........................................ 78
ЖАМГЫРЛУУ КҮЗ КЕЧИ............................................................ 79
АЯП КОЙЧУ............................................................................... 80
АЗАБЫМ.................................................................................... 81
АРНОО ЫРЫМ........................................................................... 81
ӨЗҮМДҮ АЛДАЙМ..................................................................... 82
ЖАЗАЙЫНЧЫ............................................................................ 83
КЕЧИККЕМ................................................................................ 84
СУЛУУЛАР САКТАЙТ ЗАМАНДЫ............................................... 84
АДАШПАЙ ТОКТОЮНЧУ........................................................... 85
ЛИРИКАНЫ СЕНДЕН ҮЙРӨНӨМ................................................ 86
АГАҢА ЖАГАТ........................................................................... 86
СУЛУУГА ЖООП





ЭХ СУЛУУЛАР........................................................................... 87
БИР ӨМҮР................................................................................. 88
КЕЧКИ ЫСЫК-КӨЛ..................................................................... 98
АЛА ТООЛУК КЫРГЫЗМЫН......................................................... 99
КАСИЕТТҮҮ ЫЙЫК КӨЛДӨН СУРАНЫП...................................... 103
ЫРДЫН ПИРИ ЫРЫСПАЙ.......................................................... 105
ЭЭЙ, ТАШ................................................................................... 109
ЗООПАРКТА.............................................................................. 111
КАПАСТАГЫ БУЛБУЛ................................................................ 119
АРМАН...................................................................................... 124
АКЧАНЫН КАРА НИЕТИ............................................................ 126
КЕТПЕГЕН ТАК.......................................................................... 129
БОЛБОСУН СОГУШ................................................................... 133
КУМУРСКАНЫН ОРДУ БАР......................................................... 135
ЖАЙЫЛ БААТЫР....................................................................... 136
ЭЛ ЖУРТУМА ЭМНЕ ЗЫЯН?........................................................ 146
КАРЫШКЫРДЫН КАЙГЫСЫ....................................................... 148
ПИКИР....................................................................................... 153
ЫР ЖОЛУ УЗАК, ЧААЛЫКТЫМ ДЕБЕ, АКЫН!............................ 156

Жоробаев Н.

“Ыр-мөмөлүү бейиш бак”

Редактору: Б.Матисаков
Тех. Редактору: А.А.Тойчубаев
Компьютердик калыпка салган: К.А.Аскарбеков

Басууга берилди 07.11.2023-жыл.
Көлөмү 10,25 басма табак. Нускасы 200, Буюртма № 68
Офсеттик ыкма менен басылды.
Ош шаары, Курманжан Датка көчөсү, 234

## ЫР-МӨМӨЛҮҮ БЕЙИШ БАК

Күнү-түн тынбай жазган элге арнап,
күйүтүн, ысык-суугун иргеп талдап,
акындар чексиз сооптуу иштер жасап,
алышат бейишке жол Кудай жалгап...

Мекенин, элин сүйгөн азаматтар!
Мээримин төгүп ырдан көңүл ачаар.
Акыйкат чындык үчүн чыркырашып,
акындар тизет сапты катар-катар.

Көөдөнү толгон аруу ой-максатка,
көздөгөн иши таза, ыйман жакта.
Бурулбай тегиз карап, калыс сүйлөп,
бул дүйнө акыйкаты акындарда.

Канчасы каршы сөздөр айтаар бизге,
калетсиз, тазалык бар биздин иште.
Ким билет Жаратканым буйруп койсо,
киребиз жазмакерлер түз бейишке...